**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЖАНА**
**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.18.578**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 327:927.1(575.2):950:973*

**Бейшеналиев Алмазбек Бейшеналиевич**

# БОРБОРДУК АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫНДАГЫ АКШнын ОРДУ

**Адистиги: 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых**

**Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2019**

Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Психологиялык – педагогикалык жана гуманитардык илимдер кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий консультанты:** | тарых илимдеринин доктору, профессор **Абдырахманов Т. А.** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор **Дадабаева Г. Р.** |
| | тарых илимдеринин доктору, профессор **Күчүков М. М.** |
| | тарых илимдеринин доктору, профессор **Шейнфельд А.С.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Казакстан Республикасынын улуттук илим академиясы, тарых жана этнология институту. Казакстан Республикасы, Алмата 050010, Шевченко көчөсү 28. |

Диссертация 2019-жылдын «28» февралында саат 13-00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.18.578 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026. Бишкек шаары, Раззаков көчөсү 51а.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги Бишкек шаары, Раззаков көчөсү 51а. Диссертациянын жана авторефераттын тексти «arabaev.kg» сайтына коюлган.

Автореферат 2019-жылдын «21» январында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,тарых
илимдеринин доктору

**Карыева А. К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башында дүйнөдөгү геосаясий абал кескин өзгөрүп, анын натыйжасы Борбордук Азиядагы постсоветтик өлкөлөр менен Кыргызстанга түздөн-түз таасир эткени белгилүү. Бул өзгөрүүлөр СССРдин кыйрашы, социалистик лагерь жоюлуп, эл аралык мамилелер моделиндеги эки уюлдук системанын ордуна бир уюлдук системанын орношу, АКШнын дүйнөлүк гегемонго айлануу геосаясий стратегиясынын активдешүүсү менен байланыштуу болду.

АКШнын дүйнөлүк жаңы геосаясий концепциясы президент Дж. Буштун 1991-жылдын 11-сентябрында жарыялаган “Дүйнөлүк жаңы тартип” доктринасына негизделип, Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстанда жүргүзгөн саясаты көбүнчө “жумшак” күчтөргө (“Soft power”) таянуу менен ишке ашырууга багытталды. Бул доктринаны мүнөздөп жана анын максатын аныктап жатып, Дж. Буш: “Бул бүдөмүк мезгил биздин жалпы максатыбыз болгон дүйнөлүк жаңы тартипти жаратышы мүмкүн. Азыркы дүйнөгө таптакыр окшобогон бул жаңы дүйнө бүгүнкү күндө өзүнүн жаралуу укугу үчүн күрөшүп жатат” - деп айткан. Ал эми мындай “Дүйнөлүк жаңы тартиптин” гегемону катары АКШны сыпаттап жатып, “Дүйнөлүк жаңы тартипти” колдоо үчүн зарыл болгон моралдык ишеним жана реалдуу каражаттар бир гана АКШнын колунда бар” - деп белгилеген. Муну менен АКШ өзүн дүйнөнүн гегемону деп жарыялап, акырындык менен “Дүйнөлүк жаңы тартипти” орнотууну көздөгөн. Жаңыдан гана көз каранды эместикке ээ болуп, өз алдынча жашай баштаган Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстан АКШнын дал ушундай саясатынын объектисине айланган.

2001-жылы 11-сентябрда Нью-Йорктогу Дүйнөлүк соода борборуна террордук кол салуудан кийин Дж. Буштун администрациясы “Терроризмге каршы согуш” жарыялап, эл аралык мамилелерде, анын ичинде Борбордук Азияда, “жумшак күч” (“Soft power”) ордуна “катуу” күчтөрдү (“Hard power”) колдонууга өткөн. Бишкектеги “Манас” аэропортунда 2001-жылы декабрда жана ушул эле жылы Өзбекстандын Карши шаарынын жанындагы “Ханабад” аэропортунда АКШнын аскердик базалары ачылган. АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө жана Кыргызстанга карата иш аракеттери абдан активдүү-агрессивдүү мүнөзгө өткөн. Бул багыттагы президент Дж. Буш (кичүүсү) ишке ашыргысы келген “Чоң Борбордук Азия” доктринасы АКШ үчүн көп нерселерди үмүттөндүргөн аракеттерден эле. Аскердик базалардын ачылышы менен гана чектелбестен, АКШ Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ички иштерине дагы жигердүү кийлигишип, адам укуктарын коргоо жана демократияны жайылтуу боюнча бир топ иш чараларды жүргүзгөн. Айрым маалымат

каражаттарында 2005-жылы болгон Өзбекстандагы Анжиян окуялары менен 2005-жана 2010-жылдардагы Кыргызстандагы “түстүү” революцияларга АКШнын тиешеси бар деген пикир айтылып жүрөт. “Башкарылма башаламандык” тактикасын колдонуу менен АКШ Түндүк Африка, Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштын ондон ашык мусулман өлкөлөрүндө түстүү революцияларды ишке ашырган. Мындай тактика Борбордук Азия өлкөлөрүнө дагы коркунуч туудура баштаган. Бул жылдары Борбордук Азияда өз таасирин күчөтүш үчүн АКШ менен Орусиянын ортосунда тымызын таймаш курч ала баштаган. Бара-бара Орусиянын “салмагы” басымдуулук кылып, бул абал АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстанга карата болгон саясатына олуттуу таасир тийгизген.

Натыйжада, Борбордук Азия өлкөлөрүнө жана Кыргызстанга карата АКШнын геосаясий аракеттери 2010-жылдан баштап өзгөрүлүп, позициясы бүгүнкү күнгө чейин созулуп келе жатат. Бул мезгилде АКШнын Борбордук Азиядагы позициясы солгундап, Орусиянын таасири күчөдү. Өзгөчө, Кыргызстандагы АКШнын таасири начарлап, анын “Манас” аэропортундагы авиабазасы 2014-жылы июль айында жабылды. 1993-жылы 19-майда АКШ менен Кыргызстандын ортосунда түзүлгөн Кыргызстанга көмөк көрсөтүү жөнүндөгү Алкактык келишим Кыргызстан тарабынан бир тараптуу денонсацияланган. Келишимдин мааниси анча күчтүү болбосо дагы, бул маселе эл аралык чоң саясий резонансты жараткан. Айрым маалымат каражаттарындагы билдирүүлөргө караганда, бир нече сүйлөшүүлөрдөн кийин Кыргызстандын “Манас” аэропортундагы аскердик базаны Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө которуу жана жаңы аскердик база түзүү багытындагы АКШнын аракеттери дагы майнапсыз болуп чыкты.

Ошентип, Борбордук Азия өлкөлөрүнө жана Кыргызстанга карата жүргүзгөн АКШнын азыркы учурдагы саясатында жаңы багыттарды табуу аракети көрүлүп жатат. Учурда бул маселе Борбордук Азия өлкөлөрү жана Кыргызстан үчүн өзгөчө маанилүү маселе экендиги талашсыз. Диссертациянын темасынын актуалдуулугун мына ушундай жагдайлар шарттап жатат. Анткени, маселенин тарыхын, азыркы абалын илимий изилдөөгө алып, ошолордун негизинде келечектеги мүмкүн боло турган мамилелердин багыттарын илимий жактан аныктоо азыркы кыргыз тарых илими үчүн актуалдуу маселелердин бири. Анын үстүнө, иликтөөгө алынып жаткан проблема Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү, анын коопсуздугу жана өз алдынчалыгы менен байланышкан өтө маанилүү нерсе экендигине карабастан, соңку жылдарда бул өңүттө атайын илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес, маселеге тиешелүү илимий баа

берилбей, адекваттуу жана практикалык маанидеги тыянактар чыгарылбай келген.

**Изилдөөнүн объектиси –** Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстандын XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы тышкы саясаты.

**Изилдөөнүн предмети** – Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын орду.

**Диссертациялык теманын негизги илимий иштер менен болгон байланышы**. Диссертация изилдөөчүнүн демилгелүү иши болуп эсептелинет.

**Иштин методологиялык негизин -** логикалык метод, салыштыруу методу, тарыхый салыштыруу методу, типологиялык (мамлекеттин позициясын гегемон же глобалдык лидер катары классификациялоо) жана феноменологиялык (конкреттүү тажрыйбаны илимий иликтөө жана аны минималдуу бурмалоо жолу менен сүрөттөө) методдор, ошондой эле мейкиндик методу (дүйнөнүн геосаясий картинасын түзүү), институтташтырылбаган метод (геосаясий стратегияны калыптандыруу жана ишке ашыруу процесстерине таасир эткен факторлордун анализи) түздү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Иштин негизги максаты Борбордук Азия өлкөлөрүнө жана Кыргызстанга карата жүргүзүп келе жаткан АКШнын геосаясий стратегиясына баа берүү, аны ишке ашыруу багыттарындагы тенденцияларды аныктоо.

Коюлган максатка жетүү төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнү шарттайт:

- Борбордук Азияга карата АКШнын тышкы саясатынын башкы приоритеттерин калыптандырып келген тарыхий геостратегиянын негизги мазмунун ачып берүү;
- XX кылымдын аягындагы - XXI кылымдын башындагы Борбордук Азиядагы АКШнын геосаясий кызыкчылыктары менен стратегиясын аныктоо;
- Постсоветтик Борбордук Азиядагы АКШнын саясатынын эволюциясын, негизги багыттарын жана өзгөчөлүктөрүн тактоо;
- Кыргыз Республикасынын АКШ менен түздөн-түз кызматташтыгынын калыптанышын жана анын эволюциясын изилдөө, сыпаттоо;
- Кыргыз Республикасындагы АКШнын кызыкчылыктарын аныктоо жана аларды ишке ашыруу багыттарын белгилөө;
- Кыргыз Республикасы менен АКШнын кызматташтыгындагы проблемаларды иликтеп, алардын себептерин жана мүмкүн боло турган кесепеттерин тактоо;

- изилдөөнүн негизинде тиешелүү илимий жыйынтыктарды чыгарып, Борбордук Азия өлкөлөрү жана Кыргызстан менен АКШнын мамилелерин жөнгө салуу боюнча иштиктүү сунуштарды негиздөөгө аракет жасоо.

**Иштин изилденүү даражасы.** Каралып жаткан маселе боюнча изилденген, жарыяланган эмгектерди бир нече топторго ажыратып кароого болот.

*Алардын биринчи тобун* Борбордук Азияга карата болгон Американын саясатынын тегерегинде изилдөө жүргүзүп, пикир айтып келе жаткан АКШнын окумуштууларынын эмгектери түзөт. Бул топту АКШнын тарыхий геосаясий долбоорлорун негиздеп, Американы дүйнөлүк гегемонго айландыруу максатында XX кылымда анын саясатына багыт берип келишкен атактуу геосаясатчылар Х. Макиндер [138], А. Т. Мэхен [66,67] жана Н. Спайкмен [146] сыяктуу окумуштуулардын эмгектери түзөт. Негизинен, булардын Нью Айсленд (Х, Макиндер), Хартленд (А. Т. Мэхен) жана Римленд (Н. Спайкмен) сыяктуу тарыхий геосаясий доктриналары эффективдүүлүгү менен айрымаланып, НАТО, “Анаконда сыйыртмагы” сыяктуу тактикалык ыкмаларды жараткан, СССРди кыйратуу менен дүйнөлүк геосаясатта өтө маанилүү орунду ээлеген, Евразия мейкиндигине үстөмдүк кылууга жол ачкан. СССР жоюлуп, Россия Федерациясынын чачырап кете турган абалга жетиши жана Борбордук Азияда жаныдан түзүлө баштаган чабал мамлекеттердин пайда болушу бул геосаясатчылардын доктриналарынын ишке ашышына реалдуу шарт түзгөн. Жогорудагы геосаясатчыларга Б. Адамс [137], Дж. Фискен [125], Дж. Барджес [112], Дж. Тэрнер [153] сыяктуу тарыхчы-окумуштуулар кошулуп, англосаксондук расизмди жана экспанционизмди саясий эрежеге айландырып, Американын дүйнөлүк гегемондугуна негиз салышкан.

Эгер жогорудагы геосаясатчылар АКШнын Борбордук Азиядагы геосаясий максаттарына жана аларды ишке ашыруу жолдоруна глобалдык саясаттын өңүтүндө мамиле кылып келсе, кийинки муундагы америкалык геосаясатчылар бул маселеге конкреттүү карай баштаган. Мисалы, кийинки муундагы АКШнын геосаясатчыларынын катарын түзгөн Г. Киссинджер [59], З. Бзежинский [48,171,172,173,227], Ч. Капхен [60], С. Хантингтон [170], Ф. Фукуяма [95,126,128,129], П. Кеннеди [133], Р. Каплан [132] сыяктуу окумуштуулар өзүлөрүнүн эмгектеринде постсоветтик Борбордук Азияга карата АКШнын саясатынын негизги багыттары менен ыкмаларын, тобокелчиликтер менен калпыстыктарын так жана ынанымдуу айтууга аракет кылышууда. Булардын эмгектеринде айрым айрымачылыктар болгон менен бир нече маселелер боюнча алардын көз караштары бир багытта экенин байкоого болот. Мисалы, Борбордук Азияга карата мамиледе негизинен геосаясий

кызыкчылык үстөмдүк кылат.  Борбордук Азия Россияны багынтуунун бир элементи катары каралса, Кытайга сес көрсөтүүнүн фактору катары максатталат.  Борбордук Азияны изилдөөнүн Интерактивдүү долбоорун негиздеген неомарксисттик позициядагы окумуштуу Э. Бичелдин [249] изилдөөлөрүндө АКШнын Борбордук Азияга карата жүргүзгөн саясаты азыркы неоколониализмдин бир варианты катары каралат.

АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн саясаты жана анын натыйжалары Ф. Старр [147,148] жетектеген Джон Хопкинс атындагы Вашингтон университетинин, Эл аралык мамилелерди изилдөөчү заманбап Мектебинин алдындагы  Борбордук Азияны жана Кавказды изилдөө институтунун,  Атлантикалык Кенештин Борбордук Азияны жана Кавказды изилдөө институтунун, АКШнын армиясынын Аскердик колледжинин Стратегиялык изилдөөлөр институтунун, Гудзон институтунун окумуштууларынын эмгектеринде  дагы кеңири чагылдырылган.

Бул теманы ар тараптуу изилдеп жүргөн жана Борбордук Азиянын азыркы тарыхы боюнча көрүнүктүү окумуштуулар деп эсептелген Г, Фуллер [127], М. Б. Олкотт [93], Б. Румер [143], А. Коэн [250] сыяктуу авторлордун эмгектери жарык көргөн.

Жалпысынан, Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн АКШнын тышкы саясатына байланыштуу маселелердин америкалыктар тарабынан изилденүү деңгээли бул мамлекеттин чөлкөмдө жүргүзүп жаткан жана келечекте пландаштырган иштеринин масштабына адекваттуу эмес деп белгиленет [105].

*Жарыяланган эмгектердин экинчи тобун*  Орусиялык жана Борбордук Азиялык окумуштуулардын эмгектери түзөт. Орусиялык окумуштуулардын эмгектеринин ичинен өзгөчө белгилеп кете тургандары Г. Арбатов [40], А. Богатуров [192], М. Братерский, [47,193] А. И. Уткин, [89] Т. П. Лебедев, [64] К.С. Гаджиев, [51] С. М. Рогов, [211] К. В. Плешаков [206] сыяктуу окумуштууларга тиешелүү. Булардын ичинен М. Братерскийдин эмгегине токтолуп кетсе болот. Бул эмгекте АКШнын XX кылымдын 90-жылдарындагы Борбордук Азиядагы саясаты кеңири  изилденип, этаптарга бөлүнөт. Каралып жаткан маселеге  автор негиздүү баа бергенин белгилөө менен катар, ошол жылдары Американын бул чөлкөмдөгү саясаты начарлап кеткен деген анын жыйынтыгынын калпыс экенин белгилемекчибиз.  Муну менен катар эле бул автор сунуштаган АКШнын Борбордук Азиядагы саясатын этаптарга бөлүүсү дагы күмөндүү. Ошол эле учурда, А. И. Уткиндин “XXI кылым үчүн Американын стратегиясы” аттуу монографиясында АКШнын глобалдык саясатындагы Борбордук Азиянын орду кеңири жана адекваттуу ачылып

берилгенин айтып коюш керек. Жалпысынан Россиялык окумуштуулардын эмгектеринен эки тенденцияны байкоого болот. Биринчисинде, алар АКШнын Борбордук Азиядагы саясатын экспансиялык аракеттер катары мүнөздөйт. Экинчисинде, АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жасаган иш чараларын Орусиянын бул чөлкөмдөгү таасирин солгундатып, бара-бара аны сүрүп чыгаруу максатын көздөгөн аракет катары баалашат.

АКШнын Бобордук Азия чөлкөмүнө, анын ичинде Кыргыз Республикасына карата жасаган саясатын изилдеген Россия Илимдер Академиясынын АКШ жана Канада Институту менен Эл аралык коопсуздук проблемалар Институтунун, Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер институтунун ((МГИМО (У)) окумуштууларынын эмгектерин дагы белгилеп коюш абзел.

Каралып жаткан темага тиешеси бар эмгектерди жазган Борбордук Азия окумуштууларынын ичинен Казакстандын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр институтунун жетекчиси У. Касенов баш болгон окумуштуулар [61], К. Токаевдин [104], С. К. Кушкумбаевдин [62], С. М. Акимбековдун [44] эмгектерин жана Казакстандын Президенти Н. Назарбаевдин [71] китебин кошсок болот. Казакстандык авторлордун эмгектери АКШнын Борбордук Азиядагы, анын ичинен Казакстандагы саясатынын бир нече багыттарын комплекстүү караганга аракет кылганы менен айрымаланат жана экономикалык маселелерге салыштырмалуу көбүрөөк көңүл бөлгөнү менен өзгөчөлөнөт. Булардын ичинен көлөмү, камтыган маселелери жана АКШнын Борбордук Азиядагы саясатына атайылап берген сыпаттоосу боюнча маанилүү эмгек катары У. Т. Касеновдун “Борбордук Азиянын коопсуздугу” (Алматы 1998г.) [61] аттуу монографиясын белгилеп коюш керек. АКШнын Борбордук Азиядагы саясатына байланышкан Тажикстандык окумуштуулар З. Сайидзоданын [79] жана Р. Абдуллонун [187] эмгектеринде, А. Л. Саидмуродовдун [101] “Саясаттаануу” адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясында, негизинен, чөлкөмдүк коопсуздук маселелерине көңүл бөлүнүп, коллективдүү коопсуздук өңүтүндөгү иш-чаралар изилденген. Түркмөнстан башынан эле бейтараптык саясатты көздөп, авторитардык бийлик астындагы “жабык” мамлекет болгондуктан, АКШ менен болгон мамилелери салыштырмалуу солгун болуп, каралып жаткан тема бул өлкөнүн окумуштуулары үчүн анча деле актуалдуу болгон эместей. Каралып жаткан тема Т. А. Джумаев [98] тарабынан “Саясаттаануу” адистиги боюнча аткарылган кандидаттык диссертацияда учкай каралган. Сөз болуп жаткан маселе боюнча Өзбекстандын окумуштууларынын арасынан М. Рахимовдун

[75] “Тарых” адистиги боюнча жазылган диссертациясынан айрым маалыматтарды алууга болот.

*Проблема боюнча жарыяланган эмгектердин үчүнчү тобун* эл аралык мамилелер боюнча адистешкен кыргыз окумуштуулары менен эксперттеринин жана саясатчыларынын Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын негизги приоритеттерин чагылдырган эмгектери түзөт. Эң оболу өлкөнүн тышкы саясий приоритеттеринде АКШнын ээлеген маанилүү ролуна карабастан, ар кандай себептерден улам, Кыргызстандын тарых илиминде АКШнын Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясаты атайылап, терең жана толук кандуу изилдөөгө алынбай келе жатканын белгилеп коюш керек.

Жалпысынан, изилдеп жаткан темага байланышкан эмгектерди төрт бөлүккө бөлүп караса болот. Биринчисине АКШнын Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясаты кандай деңгээлде болгондугун атайылап изилдөөгө алган эмгектерди кошсок болот. Мындай иштердин катарына жазылган эмгегинин бир параграфында же бөлүмүндө АКШнын Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясатын изилдеп-иликтөөгө алган А. Акаевдин [41,42,43], А. Джекшенкуловдун [52], Н. М. Оморовдун [90,91,92,102,219] китептери кирет. Бул эмгектерде АКШнын Кыргызстанга карата болгон геосаясий кызыкчылыктары, алардын приоритеттүү багыттары жана алгачкы жыйынтыктары каралган. Экинчи бөлүккө Кыргызстандын тышкы саясатын жана эл аралык мамилелерин жалпы изилдөөгө алып, АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелерди учкай же кыйыр карап өтүшкөн М. Иманалиевдин [87], Каана Айдаркулдун [39,219], К. Токтомушевдин [84], У. К. Саралаевдин [81], А. Э. Джоробекова менен Н. К. Момошеванын [53] эмгектерин жана коллективдүү авторлордун “Кыргызстандын улуттук коопсуздугунун проблемалары” (Б.: 2001г.), «Глобалдык коопсуздукка карай жолдо: Борбор Азия 2001-жылдын 11-сентябрынан кийин», “Кыргызстандын коопсуздугу: проблемалар жана перспективалар” (Б.: 2015г.) сыяктуу монографияларын, Т. А. Абдырахмановдун [188,189,190] макалаларын кошсо болот. Үчүнчү бөлүккө постсоветтик Кыргызстандын тарыхын жалпысынан изилдеп, мунун жүрүшүндө өлкөнүн тышкы саясаты менен эл аралык мамилелерин кошо карай кеткен Н. Ж. Эсенкуловдун [216] жана КР УИАнын кызматкерлери [58] менен КРнын Президентинин алдындагы МИСИнин коллективдүү монографиялары [74] кошулду. Төртүнчү бөлүктү Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын ордун аныктоого арналган М. Закировдун “Тарых” адистиги боюнча аткарылган кандидаттык илимий диссертациясы түздү [100].

**Илимий изилдөөнүн булактары.** Изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизги абалдары, Кыргыз Республикасынын Президенттеринин элге жана өлкөнүн Парламентине кайрылуулары, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер Министирлигинин материалдары жана Кыргыз Республикасынын жетекчилигинин АКШ менен өз ара алакалашуу позицияларын чагылдырган бир катар расмий документтер пайдаланылды. Эмгекти жазууда бир катар Борбордук Азия өлкөлөрү менен америкалык расмий  документтер пайдаланылды. Диссертацияда Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин, Жогорку Кеңештин архивинин жана АКШнын ар кандай мекемелеринин архивдеринин материалдары пайдаланылды.

Эң алгач АКШнын Мамдепартаментинин постсоветтик Борбордук Азия менен  АКШнын ортосундагы 1991-жылдан берки төмөнкүдөй келишимдери пайдаланылды: United StatesDepartment of States Treaties in Force A List of Treaties and Other International Agreements of the  United States in Force on January 1, 2013, Compiled by the  Treaty Affairs Staff, Office of the Legal Adviser, U.S. Department of State, Kazakhstan 162-163p, Kyrgyzstan 170-172p, Tajikistan 279p, Turkmenistan 290p, Uzbekistan 313-314p.

Буларга кошумча U.S. Department of State, Press Statement: U.S. Department of State Designates the Islamic Jihad Group Under Executive Oder 13224, May 26, 2005; U.N. Security Council, The Al-Qaida and Taliban Sanctions Committee, Press Release: Security Council Committee Adds One Entity to Al-Qaida Section of Consolidated List, SC/8405, June 3, 2005; U.S. Department of State, Country Reports on Human Rights Practices for 2013, February 27, 2014, сыяктуу төрт жылдык коргоо жана чалгындоо стратегиялары жана баамдоолору менен U.S. Department of State, Bureau of International Narcotics and Law Enforcement Affairs, International Narcotics Control Strategy Report, March 5, 2013. өңдөнгөн АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясы, аймактык стратегиясы, АКШнын Мамдепартаментинин адам укуктары жана диний эркиндик тууралуу билдирүүлөрү иргелип, колдонулду.

Аткаруу бийлигинин документтерине кошумча катары мыйзам чыгаруу органдары тарабынан даярдалган отчеттор жана материалдар илимий кызыгууну жаратып, АКШнын Конгрессинин илим изилдөө борборунун «Congressional Records» аталыштагы баяндамалары жана JimNichol, Central Asia: Regional Developments and Implications for U.S. Interests, March 21- 2014, Congressional Research Service 7-5700, RL33458, CRS Report, Prepared for Members and Committees Congress; Central Asia: Regional Developments and Implications for U.S. Interests, March 21- 2014, Congressional Research Service 7-

5700, RL33458, CRS Report, Prepared for Members and Committees Congress, 9-page булактары каралды.

Булактардын негизги бөлүгүн АКШнын Джонс Хопкинс университетинин жана АКШ Конгрессинин китепканасынын, мамлекекттик департаменттин төмөнкүдөй архивдик документтери: CEDR, September 20, 2012, Doc. No. CEP-950131, CEP-950107, and CEP-950085; Interfax, September 20,2012; CEDR, September 13, 2012, Doc. No. CEP-950016; CEDR, November 1, 2013, Doc. No. CER- 68306473 жана Конгресстин, Сенаттын талкуулары, токтомдору, угуулары жана отчетторунан турган: U.S. Senate, Committee on Armed Services, Testimony of the Director *of* Central Intelligence, The Honorable Porter J, Goss, March 17, 2005; U.S. House of Representatives, Committee on Armed Services, Hearing on the Fiscal Year 2015 National Defense Authorization Budget Request from the U.S. Pacific Command, U.S. Central Command, and U.S. Africa Command, Statement of General Lloyd J. Austin III, Commander U.S. Central Command, on the Posture of U.S. Central Command, March 5, 2014; U.S. House of Representatives, Committee on Foreign Relations, Subcommittee’ on .. Asia, the Pacific, and the Global Environment, Hearing on the Emerging Importance of the U.S. - Central Asia Partnership, Testimony of Robert O. Blake, Jr., Assistant Secretary, Bureau of South and Central Asian Affairs, and Testimony of Davis Sydney, Deputy, Assistant Secretary of Defense, November 17, 2010. сыяктуу архивдик материалдары түздү.

Постсоветтик Борбордук Азия чөлкөмүнө жана андагы мамлекеттерге карата жүргүзүлгөн АКШнын саясаты тууралуу АКШнын президентинин, Мамлекеттик катчылыктын, Коргоо министрлигинин расмий билдирүүлөрү: U.S. Department of State, Robert O Blake, Jr., Assistant Secretary, Bureau of South and Central Asian Affairs, U.S. Policy Towards Central Asia, Carnegie Endowment for Peace, July 30, 2010. See also U.S. Department of State, Robert O. Blake, Jr., Remarks: U.S. Policy in Central Asia, Forum of the Central Asian- Caucasus Institute, January 25, 2012; U.S. Department of State, Office of the Spokesman, Remarks: Secretary of State Condoleezza Rice at Eurasian National University, October 13, 2005. In August 2012, then- Assistant Secretary Of State Robert Blake stated that "our relations with Kazakhstan...are deepest and broadest of all countries in Central Asia. "U.S. Department of State, On- the-Record with International Media: Robert O. Blake, Jr., Assistant Secretary, Bureau of South and Central Asian Affairs, August 15, 2012. сыяктуу документтери талданды.

Андан сырткары Fact Sheet: President Bush Calls for a «Forward Strategy of Freedom» to Promote Democracy in the Middle East. Today's Presidential Action. For Immediate Release. Office of the Press Secretary. 6 November 2003, The White House, Office of the Press Secretary, Remarks by President Obama and President

Nursultan Nazarbayev of the Republic of Kazakhstan Before Bilateral Meeting, March 26, 2012; Joint Statement of the Presidents of the Republic of Kazakhstan, the Russian Federation, and the United States of America Regarding the Trilateral Cooperation at the Former Semipalatinsk Test Site, March 26, 2012, сыяктуу Ак үйдүн билдирүүлөрү пайдаланылды.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен шартталат:

- Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп постсоветтик Борбордук Азия карата жүргүзгөн АКШнын тышкы саясаты илимий негизде комплекстүү жана бир контексте изилденди;
- Борбордук Азия менен Кыргызстанга карата жүргүзгөн АКШнын саясаты боюнча америкалык айрым расмий, архивдик, статистикалык жана башка маалыматтар кыргыз тилине которулуп, илимий булак катары пайдаланылды.

**Иштин практикалык мааниси**. Диссертациянын негизги контенти менен корутундулары Борбор Азия менен Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын ордуна баа берүүдө жана ал мамилелердин келечегин болжолдой турган илимий иш катарында колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөөнүн корутундулары менен материалдарын окуу жайларында Борбордук Азиянын, Кыргызстандын жана АКШнын тышкы саясаты боюнча дарстарды окууда пайдаланса болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.** Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде төмөнкүдөй корутундулар коргоого сунуш кылынат:

- АКШнын Борбордук Азиядагы тарыхий геостратегиялык доктриналарга негизделген азыркы геосаясий кызыкчылыктары жана максаттары Х. Макиндер, Н. Спайкмен, А. Мэхен сыяктуу геосаясатчылардын доктриналарына тааянуу менен ишке ашырылып келет;
- Американын азыркы Борбордук Азияга карата жүргүзө турган саясатын АКШнын жаны муундагы геостратегдери ХХ кылымдын аягында XXI кылымдын башында түзүлгөн бир уюлдуу глобалдык геосаясий кырдаалды пайдалануу менен ишке ашырууну сунуштоодо;
- постсоветтик Борбор Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн АКШнын саясаты бир нече багыттар жана этаптар боюнча ишке ашырылып, өзүнчө мүнөздүү өзгөчөлүктөр менен жүргүзүлгөн;
- постсоветтик Борбор Азиянын бир бөлүгү болгон эгемендүү Кыргызстанга карата АКШнын саясаты үч этаптан турат жана айрым өзгөчөлүктөргө ээ;

- Кыргыз Республикасына карата АКШнын тышкы саясаты эки тараптуу жана эл аралык уюмдар аркылуу жүргүзүлгөн көп тараптуу кызматташтыктар аркылуу ишке ашырылган;
- Кыргызстанга жасаган АКШнын мамилелеринде демократияны жайылтуу, адам укуктарын коргоо, гуманитардык маселелерди чечүү жана эл аралык терроризмге каршы коллективдүү күрөшүү жаатындагы кызматташтык иштери үстөмдүк кылган;
- акыркы жылдарда АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелерде айрым проблемалар пайда болуп, негизинен алар эл аралык терроризимге каршы күрөшүү жана саясий жааттагы маселелерди конструктивдүү маанайда чечүү маселелеринде орун алган;
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн, Кыргызстандын жана АКШнын ортосундагы акыркы мезгилдерде жаралган проблемаларды конструктивдүү таризде чечүү зарылчылыгы турат.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.** Диссертациядагы илимий изилдөөлөр 1991-2015 жылдарды камтыйт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иш Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын орду жөнүндөгү алгачкы комплекстүү илимий диссертация катары аткарылды. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө АКШнын ар кандай уюмдарынын расмий, архивдик, статистикалык материалдары которулуп, илимий айлампага киргизилди.

**Иштин апробацияланышы**. Изилдөөнүн мазмуну боюнча 2013- жылы Вашингтондо өткөн «АКШ- Кыргызстан» форумунда илимий доклад жасалып, «АКШ- Кыргызстан мамилелери: кечээ, бүгүн жана эртең» аттуу жыйнакта жарыяланды. Диссертациянын негизги жоболору 2016 – жылы Индиянын Амритсар шаарындагы Борбордук Азиялык конференцияда, андан соң Кыргызстанда жана АКШда болгон илимий форумдарда талкууланды. Илимий иш И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинде талкуудан өтүп, коргоого сунушталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышы.** Изилдөөнүн жалпы негиздери жана натыйжалары монографияда, ал эми Кыргызстан менен чет өлкөлөрдүн рецензияланган басылмаларында 37 макала жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** илимий ишке жалпы мүнөздөмө берилип, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилденүү деңгээли, булактары, илимий жаңылыгы, теориялык-практикалык мааниси, коргоого алынып чыгарылган негизги жоболору, изилдөөнүн хронологиялык алкагы, иштин апробацияланышы, структурасы жана көлөмү белгиленди.

**«XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башында АКШнын Борбордук Азиядагы геосаясий кызыкчылыктары жана стратегиясы»** деп аталган биринчи бапта АКШнын тышкы саясатында негизги приоритеттерди калыптандырып келген анын тарыхий геостратегиясы, ошого негизделген АКШнын Евразиядагы геосаясий максаттары; АКШнын постсоветтик Борбор Азия чөлкөмүндөгү геосаясий кызыкчылыктары жана стратегиясы талданды.

*«Борбордук Азиянын АКШнын тарыхый геосаясий долбоорлорундагы орду»* деп аталган биринчи параграфта АКШнын Борбордук Азияга карата иштелген тарыхий доктриналары дүйнөлүк масштабдагы атлантисттик геосаясий стратегияларынын контекстинде каралып, алардын XX кылымда ишке ашырылышы тастыкталды жана баа берилди.

XX кылымдын башында 350 жылга созулган дүйнөлүк эл аралык мамилелердин Вестфалиялык системасынын үчүнчү жана акыркы доорунун (1918-1991 жж.) башталышы менен дүйнөлүк тарыхта атаандаштыктын империялар арасындагы күрөшү аяктап, дүйнөгө үстөмдүк кылуу үчүн улуттук ири мамлекеттердин ортосунда кармаш башталган. Вестфалия системасынын бул доору эл аралык мамилелердин көп уюлдуу системасы катары башталып, кийин эки уюлдуу системага өткөн, акырында бир уюлдуу система калыптанып, АКШнын гегемондугу астында дүйнөлүк “жаны тартиптин” орношу менен аяктаган.

Болжолу 72 жылга созулган бул аралыкта Америка Кошмо Штаттары “атлантисттик” идеологиядагы геостратегиялык багытты ишке ашырган саясатты жүргүзүп, жогоруда белгилеген глобалдык ийгиликке ошонун негизинде жетишкен. Бул арада, дүйнөлүк геосаясий лидерге айланган Евразияга каршы чыгып, өзүнүн дүйнөлүк үстөмдүгүн орнотууну көздөгөн АКШ бир нече геостратегиялык доктриналарга таянуу менен ар кандай альянстарды, саясий блокторду жаратуу, бүткүл дүйнөнү курчаган согуштук базаларды түзүү, дүйнөлүк лидерлерди тескөөгө алуу, дүйнөдө болуп жаткан тенденцияларга багыт берүү жана аларга карата превентивдүү иш-чараларды колдонуу сыяктанган ишмердикти жүргүзүп келген.

АКШнын XX кылымдагы мындай маанайдагы глобалдык геосаясий аракеттери түздөн-түз жана кыйыр түрдө Борбордук Азияга карата дагы

багытталаган болчу. Муну дүйнөлүк гегемондукка багыт алган АКШнын XX кылымдагы тышкы саясатынын негизин түзгөн "Хартленд" теориясынын негиздөөчүсү Х. Маккиндердин (1861-1947 жж.), "Деңиз күчү" теориясынын негиздөөчүсү, азыркы атлантизмдин "атасы" А. Мэхендин (1840-1914 жж.), "Римленд" териясынын негиздөөчүсү, АКШнын "ооздуктоо" ("сдерживание") концепциясынын "атасы" Н. Спайкмендин (1893-1843 жж.) геосаясий доктриналарынан жана алардын натыйжаларынан байкоого болот. Мисалы, англиялык геосаясатчы Х. Маккиндер: 1) географиялык факторлор тарыхый процесстин жүрүшүнө тике таасир берет; 2) географиялык абал мамлекеттин потенциалдуу күчү менен талуу жерин алдын ала аныктайт; 3) техникалык прогресс мамлекеттердин географиялык жашоо чөйрөсүн өзгөртүп, алардын потенциалдуу кубатына оң же терс таасир берет; 4) Евразия континенти дүйнөлүк тарых менен глобалдык масштабдагы саясий процесстердин өзөгү болуп саналат деген өтө кызыктуу концепцияны иштеп чыккан.

Ал Азияны, Африканы жана Европаны өз кучагына алган Дүйнөлүк аралдын (World Island) чектеринде жайгашкан Heartlend түшүнүгүн киргизген. Х. Маккиндер планетардык мейкиндикти концентрацияланган айланалардын системасы түрүндө чагылдырып, бул системанын чок ортосунда «тарыхтын географиялык өзөгү» («географическая ось истории»), же «өзөктүү тилке» («осевой ареал»), башкача айтканда "Хартленд" жайгашкан деп далилдеген. Аталган нерселер Борбордук Азия өзөгүн түзгөн Евразия мейкиндигин камтып, ал Орусияга, кийин Орусия жетекчилик кылган СССРдин аймагына тиешелүү болгон жана «Heartland» («жердин жүрөгү») түшүнүгүн түзгөн. Х. Маккиндердин далилдөөсү боюнча кайсы мамлекет "Хартлендге" үстөмдүк кылса, ал дүйнөлүк үстөмдүккө жетишмек. Ошол себептен, Rimlandди мекендеген англиялык окумуштууну Россия жана Германия сыяктуу эки мамлекеттин «континенталдуу» маанайдагы географиялык абалы абдан чочулаткан. Анын пикиринде, геосаясий ниеттердин логикасы боюнча, жогоруда аталган эки мамлекет келечекте Россия жетектеген, ал эми Германия жетеленген мамлекетке айланып, орусиялык-германдык шериктештикти (союзду) түзүшү ыктымал.

Андан ары, Х. Маккиндер коммунизм идеяларына жамынган Heartland, же СССР алгач Евразия чөлкөмүндө, андан соң дүйнөнүн башка чөлкөмдөрүндө өз үстөмдүгүн орнотуп, ал жердеги табигый жана адам ресурстарын өзүнө кызмат кылдыруу менен бүткүл дүйнөгө гегемондукту орнотушунан кооптонгон. Ошентип, Х. Маккиндер АКШнын Борбордук Азияга карата болгон геосаясий кызыкчылыктарын XX кылымдын башында эле негиздеп, бул максаттарга жетиш үчүн СССРди бүлүндүрүп жок кылууну шарттаган.

Дүйнөлүк саясатка багыт берип турган азыркы “атлантизм” доктринасынын негиз салуучусу А. Мэхен тарабынан даярдалган глобалдык геосаясий аракеттер жана алардын Борбордук Азияга карата багыттары анын “Дениздик күч” теориясына таянып, “Анаконда сыйыртмагы” долбоору аркылуу ишке ашырылган. А. Мэхендин геостратегиялык божомолдоолору боюнча АКШ “Деңиздик күчтүн” үстөмдүгүн пайдалануу менен СССРди акырындык менен муунтуп жок кылуу аркылуу Евразияны, аны менен Борбордук Азияны колго ала алмак. Бул геостратегияны ишке ашырыш үчүн ал “Анаконда сыйыртмагы” долбоорун сунуштаган. Бул долбоорду ишке ашырыш үчүн анаконда сыяктуу СССРди кысып, муунткан НАТО, АСЕАН, АНЗЮС, СЕНТО сыяктуу блоктор түзүлүп, алар СССРге каршы болгон “кансыз согуш” мезгилинде чечүүчү ролду ойношкон.

Н. Спайкмен (1893-1943 жж.) “Римленд” геосаясий теориясын негиздеп, аны ишке ашыруу үчүн “Ооздуктоо” (“Сдерживание“) долбоорун сунуштаган. Белгилүү болгондой, “Ооздуктоо” саясаты АКШ жана башка “атлантисттердин” экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки СССРге каршы мамилелеринин өзөгүн түзгөн.

Атлантисттердин жогоруда аталган геостратегиялык доктриналары ар кандай жолдор менен, ошонун ичинде күч колдонуу жолу менен коштолгон. Тарых көрсөткөндөй, атлантизмдин негиздуу геосаясий доктриналарына таянган АКШ менен толук кандуу атаандаша албаган СССР «кансыз согуштан» жеңилип, Варшава келишимине кирген социалисттик өлкөлөрдүн шериктештиги, андан соң СССРдин өзү ыдырап, талкаланды.

Бул жагдай АКШнын постсоветтик Борбордук Азиянын коз каранды эмес өлкөлөрүнө карата түздөн-түз жана ээн-эркин тышкы саясатын жүргүзүүгө шарт түзүп берди.

*“Азыркы Постсоветтик Борбордук Азиядагы АКШнын стратегиялары менен кызыкчылыктары”*аттуу экинчи параграфта XX кылымдын аягында – XXIкылымдын башында постсоветтик Борбордук Азияда түзүлгөн геосаясий абал жана мындай шарттан улам жаралган АКШнын бул чөлкөмдүн өлкөлөрүндөгү стратегиялары менен кызыкчылыктары каралды.

Эки уюлдуу эл аралык мамилелер системасы жоюлуп, СССР менен социалисттик мамлекеттердин альянсы тарагандан кийин дүйнөдө бир уюлдуу жаны геосаясий кырдаал жаралганы белгилүү. Мындай кырдаал АКШ үчүн Борбордук Азия чөлкөмүндөгү өзүнүн көптөн бери көздөп келе жаткан атлантисттик стратегияларын ишке ашырууга ыңгайлуу шарттар менен мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген. Анткени, АКШнын постсоветтик Борбордук Азиядагы стратегияларын ишке ашыруу үчүн: Биринчиден, эгер, XX

кылымдагы АКШнын геосаясатчы – атлантисттеринин Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата сунуштаган доктриналары түздөн-түз эмес, СССРди кулатуу аркылуу гана ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү менен шартталса, XXI кылымда абал кескин өзгөргөн. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башындагы дүйнөлүк геосаясий кырдаал АКШ үчүн Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата түздөн-түз жана өктөмдүк менен саясат жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн берген. Экинчиден, Американын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн саясаты бир уюлдуу эл аралык мамилелер системасынын гегемон мамлекети орноткон “жаны тартиптин”, аны ишке ашыруучу каражат болгон “башкарылма башаламандык” тактикасынын шартындагы үстөмчүл аракеттер менен жүргүзүлө баштаган. Үчүнчүдөн, С. Хантингтон, Ф. Фукуяма сыяктуу жаны муундагы геосаясатчылардын концепциялары боюнча дүйнөдөгү, ошонун ичинде Борбордук Азиядагы, атаандаштык жана карама-каршылык мамилелери цивилизациялык атаандаштык жана карама-каршылык принциптерине негизделип, ушул нукта ишке ашырылууга багытталган. Төртүнчүдөн, “Чоң Борбордук Азия” геосаясий долбоорунун негиздөөчүсү болгон Ф. Старр сыяктуу геосаясатчылардын концепциялары боюнча АКШ азыркы учурдагы Борбордук Азия түшүнүгүн геосаясий жана геоэкономикалык негизде кенейтип, жайылтып, кеңири жана татаал конфигурациядагы маселе катары караганга аракет кыла баштаган.

Тажикстандык окумуштуу А. Л. Саидмуродов белгилегендей, азыркы мезгилдеги АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата болгон геосаясий кызыкчылыктары 6 факторго негизделет: ресурстук потенциалдар; чөлкөмдүн транспорттук-коммуникациялык мүмкүнчүлүктөрү; АКШнын Борбордук Азиядагы аскердик-саясий үстөмдүк мүмкүнчүлүгү; а) Россия б) Кытай факторлорунун оптималдуу катнашы; Иран менен байланышкан кызыкчылыктар катнашы; чөлкөмдү дестабилизациялоо коркунучу. XX кылымдын аягындагы - XXI кылымдын башындагы АКШнын Борбордук Азиядагы стратегиялык максаттарынын жаны өңүттөрүн тактап негиздөөдө жана алардын негизинде американын кызыкчылыктарын ишке ашырууда жаңы муундагы З. Бзежинский, Г. Киссинджер сыяктуу геостратегдердин сунуштары олуттуу мааниге ээ болду. Эгер XX кылымдын биринчи жарымындагы геосаясатчылар АКШнын Борбордук Азиядагы геосаясий кызыкчылыктарына жана аларды ишке ашыруу жолдоруна глобалдык саясат аркылуу карап келсе, азыркы муундагы америкалык геосаясатчылар бул маселеге конкреттүү кызыкчылыктардын өңүтүндө карай баштаган. Прагматикалык көз караштагы азыркы муундагы геосаясатчылардын катарын түзгөн АКШнын Г. Киссинджер, З. Бзежинский, Ч. Капхен, С. Хантингтон, Ф. Фукуяма, П.

Кеннеди, Р. Каплан сыяктуу окумуштуулары өзүлөрүнүн эмгектеринде постсоветтик Борбордук Азияга карата АКШнын саясатынын негизги багыттары менен ыкмаларын, тобокелчиликтер менен калпыстыктарын так жана ынанымдуу айтууга аракет кылышууда. Ушуларды эске алуу менен АКШнын Конгрессинин чечимине ылайык 1999-жылы «Silk Road Strategy Act» (Жибек- Жолу Стратегиялык Актысы) иштелип чыгып, Түштүк Кавказда жана Борбрдук Азияда башкарууну жакшыртуу, демоктратия жана граждандык коомчулукту калыптандыруу, конфликттерди жөнгө салуу, гуманитардык муктаждыктарды жөнгө салуу, экономикалык өнүгүү, транспорт, коммуникация, чек араларды көзөмөлдөө камтылган. Учурда Барак Обаманын Администрациясы АКШнын Борбордук Азиядагы өздөрүнүн жоопкерчилик саясаты катары 6 объектти тизмелеп, аларды өзгөчө көзөмөлгө алган.

Муну менен катар эле, ачык жана расмий айтылбаса дагы АКШнын Борбордук Азияга карата мамилелеринде негизинен геосаясий кызыкчылыктар менен максаттар үстөмдүк кылары белгилүү. Мисалы,

- Борбордук Азия чөлкөмүАКШнын эл аралык терроризмге каршы коллективдүү күрөшүү маселелеринде өтө маанилүү орунду ээлейт;
- АКШ үчүн Борбордук Азия чөлкөмүРоссияны басынтып, алсыратуунун маанилүү элементтеринин бири катары каралат;
- АКШ Борбордук Азияны Кытайга сес көрсөтүп, "ооздуктоо" саясатынын маанилүү фактору катары пайдаланууну көздөйт.

Албетте, эгер терендеп карап, тыкыр көңүл бурса АКШнын Борбордук Азия мамлекеттерине карата болгон кызыкчылыктарынан тышкары дагы жактарды жана айрым өзгөчөлүктөр менен айрымачылыктарды байкоого болот. Мисалы, Казакстанга карата АКШнын кызыкчылыктары геосаясий жана экономикалык максаттарды көздөй турганын байкоого болот. Ошондой эле, АКШнын Казакстанга карата жүргүзгөн саясатында мамлекеттик жана жеке чөйрөлөрдүн кызыкчылыктары бекем орун алганын танууга болбойт. Ошол эле учурда, Тажикстанга карата болгон АКШнын кызыкчылыктары мамлекеттик өңүттө гана болуп, экономикалык эмес мүнөздө жүргүзүлүп келүүдө.

**"Постсоветтик Борбордук Азиядагы АКШнын саясатынын эволюциясы, негизги багыттары жана өзгөчөлүктөрү"** деп аталган экинчи *баптын «Постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттерине карата АКШнын саясатынын негизги этаптары менен багыттары»*деп аталган биринчи параграфында эң оболу Американын постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттерине карата жүргүзгөн саясатынын негизги өнүгүү этаптары жана багыттары талданган.

Совет мамлекети таркап, Борбордук Азиядагы анын республикалалры өз алдынча өнүгүү жолуна түшкөндө көптөгөн саясатчылар менен окумуштуулар жана ар кандай эксперттер бул чөлкөм дүйнөлүк сасаттын, эл аралык мамилелердин перифериясына айланып, унутта калат деген божомолдоолорду жайылтып келишкен. Бирок дүйнөлүк геосаясий феномен  катары Борбордук Азия чөлкөмү өзү жана анда жайгашкан ар бир мамлекет өз алдынча болуп, тез арада эле эл аралык мамилелердин маанилүү факторлоруна айланып кетишти. Мисалы, муну АКШнын Борбордук Азияга карата жүргүзгөн саясатынын эволюциясынан эле байкасак болот.

АКШнын Борбордук Азияга карата жүргүзгөн саясатынын калыптанышы, андан ары өнүгүү эволюциясы боюнча окумуштуулар арасында ар кандай пикирлер менен көз караштар бар. Жалпысынан алганда, АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн тышкы саясатынын эволюциясын мүнөздүү үч этапка болуп кароого болот.

Биринчи этап Борбордук Азия өлкөлөрү эгемендүүлүктү алган XX кылымдын 90-жылдарынын башынан башталып, 2000-жыл менен аяктайт. Бул чөлкөм 1991-1995 жж.  АКШнын тышкы саясатындагы өз алдынча объект катары каралган эмес. Кийин, 1996 - 2000 жылдарда гана Борбордук Азия АКШнын тышкы сасатындагы маанилуу багыт катары карала баштаган.  Бул этаптагы АКШнын Борбордук Азияга карата болгон саясаты негизинен 1992-жылы октябрь айында Конгресс кабыл алган “Эркиндикти коргоо жөнүндөгү” Мыйзамдын, 1993-жылы кабыл алынган “Коркунучту басаңдатуу максатындагы кызматташуу жөнүндөгү” Мыйзамдын, 1994-жылы июлда кабыл алынган ”Борбордук Азияга карата стратегиялык жардам жана экономикалык кызматташуу” долбоорунун, 1997-жылы апрель айында  АКШнын Мамлекеттик департаменти тарабынан өлкөнүн Конгрессине жөнөтүлгөн “АКШнын Борбордук Азиядагы стратегиялык кызыкчылыктары жөнүндөгү” проекциясынын, 1999-жылы кабыл алынган “Жибек жолунун стратегиясы жөнүндөгү” Мыйзамдын  негизинде жүргүзүлгөн. Американын бул этаптагы Борбордук Азияга карата жүргүзгөн саясатын мүнөздөп, 1996-жылы октябрь айында АКШнын Мамлекеттик катчысынын көз карандысыз жаңы мамлекеттер боюнча атайын кеңешчиси Дж. Коллинз АКШнын бул чөлкөмдөгү приоритеттүү багыты - Борбордук Азиянын мамлекеттерине эркиндикти жана көз каранды эместикти камсыз кылуу, чөлкөмдү Россиянын таасиринен арылтуу, Кытайды ооздуктоо, Иранды изоляциялоо экенин айткан.

Экинчи этап 2001-жылдан башталып,  негизинен Дж. Буш (кенжесинин) президенттик жылдарына (2001-2009 жж.) туура келип, болжол менен    2015-жылга чейин созулат. Бул жылдардагы АКШнын Борбордук Азияга карата

саясатын негиздеген расмий документ катары “Чон Борбордук Азия” доктринасы жана анын өркүндөтүлгөн үлгүсү катары АКШнын Мамлекттик секретары Х. Клинтон тарабынан 2011 жылы сунушталган “Жаңы Жибек жолу” доктриналары эсептелинет. Нью-Йорктогу террористтик акциядан улам башталган антитеррордук “Майтарылгыс эркиндик” операциясы бул доктриналарды ишке ашыруунун башталышы катары каралган. Болжол менен менен 15 жылга созулган бул аралыкта АКШнын Борбордук Азиядагы саясаты активдүү жана агрессивдүү мүнөздө болду. Мындай мамиле бир жагынан анын бул чөлкөмдөгү атаандаштары болгон Россия, Кытай жана Иранга, экинчи жагынан – эл аралык исламдык террорчул күчтөргө жана, үчүнчүдөн, Жакынкы Чыгыш менен “Чоң Борбордук Азиядагы” өлкөлөрдүн мамлекеттик-саясий системалары менен саясий элиталарын алмаштырууга багытталган болчу. Бул саясатты ишке ашыруу үчүн “Башкарылма башаламандык” тактикасынын бир өңүтү болгон “түстүү революциялар” Борбордук Азиядан башталып, Түндүк Африкага чейинки чөлкөмдү каптаган. Кыргызстандагы (2005-ж. март революциясы) жана Өзбекстандагы (Анжыян окуялары(май 2005-ж.)) Борбордук Азияда чоң резонанс жаратып, Шанхай кызматташтык уюмунун (ШОС) 2005-жылы Астанада болгон 5-саммитинде биринчи жолу АКШнын бул чөлкөмдөгү саясатына каршы позициялар билдирилген. Мисалы, Өзбекстандын ошол учурдагы Президенти И. Каримов, АКШны туюнтуу менен, мындай саясатты “Айрым өлкөлөрдүн Борбордук Азияда демократияны орнотуу аракеттери” деп жарыялаган. Ушундай кырдаалда антиамерикалык маанайдагы Астана декларациясы (2005-ж.) кабыл алынып, жумшак жана кыйыр мааниде болсо дагы, Кыргызстандын “Манас” аэропортундагы АКШнын аскердик базасын жабуу жөнүндө шарт коюлган. Жалпысынан, Астана декларациясын мүнөздөө менен Дж. Сорос “Путин жана Орто Азия мамлекеттеринин авторитардык башкаруучулары коомдук толкундоолорго каршы күрөштө бири-бирин колдоо жөнүндө келишишти” деген.

Антиамерикалык маанайдын андан аркы өөрчүшү Борбордук Азиядагы Россия менен Кытайдын жана Ирандын таасиринин өсүшү менен коштолгон. Экинчи этаптын аякташы АКШнын Борбордук Азиядагы позициясынын өтө начарлашы менен мүнөздөлөт. Мунун эн айкын көрүнүшү катары АКШнын Кыргызстандагы “Манас” аскердик базасынын жабылышы (2014-ж. июль) жана бул проблеманы Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнүн эсебинен чечүү аркети чөлкөмдө колдоо таба албай калганын айтса болот.

АКШнын Борбордук Азияга карата саясатынын үчүнчү этабы 2015-жылдан башталып, азыркы учурга чейин созулуу менен бул мезгилде тараптар

жаны өзгөрүүлөрүн, багыттарды жана саясий чеимдерди издеп жаткандыгы менен сыпатталат.

Изилдөөлөрдүн натыйжасында, постсоветтик Борбордук Азияга карата АКШнын саясатынын негизги багыттары бир нече факторлорду эске алуу менен пландаштырылып, көп векторлуу мүнөздө ишке ашырылып келгени белгилүү болду. Негизги фактор катары Борбордук Азия мамлекеттеринин абалы, алардын өзара мамилелери, эл аралык мамилелердеги позициялары жана диспозициялары белгиленет. Мисалы,

- постсоветтик Борбордук Азия өлкөлөрү көз карандысыз өңүгүү жолуна өткөн мезгилден баштап, 5 мамлекеттин ар бири ар кандай векторлор менен жана ар кандай ылдамдыкта эл аралык мамилелерге аралаша баштаган;
- чөлкөмдүн өлкөлөрү саясий-экономикалык жана гуманитардык багыттардагы постсоветтик өнүгүүдө ар кандай жолдорду (демократиялык, авторитардык, бейтараптык) тандап алуу менен айрымаланышкан;
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өзара мамилелери ар түрдүү болуп, бул маселе дагы АКШнын бул чөлкөмдүн мамлекеттерине карата болгон саясатынын багыттарына ар кандай таасирин тийгизген;
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тышкы саясаты жана эл аралык мамилелердеги позициялары менен ориентациялары бири-биринен айрымаланып турган;
- Борбордук Азия мамлекеттеринин экономикасынын структурасы менен өнүгүү деңгээлдери ар кандай болуп, ар түркүн өлкөлөрдүн рынокторуна (ЕврАзЭс, ЕАЭС, ВТО) багытталган.

Айтор, АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата мамилесинин негизги багыттары чөлкөмдүн ар бир өлкөсүнүн абалына, өнүгүү багыттарына жана алардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар башкача болгон. Мисалы, айрым мамлекеттерге карата экономикалык кызыкчылык негизги багыт болгон. Алсак, АКШнын Борбор Азиядагы негизги соода өнөгү Казакстан болуп, 90-жылдардагы бул чөлкөмдөгү анын товар алмашуусунун 44% Казакстанга туура келген. Өзбекстанга 32,5% туура келсе, чөлкөмдүн башка өлкөлөрүнө 23,5% тиешелүү болгон. АКШнын Борбордук Азияга алып келген экономикалык инвестицияларынын 86% Казакстанга туура келсе, Өзбекстанга 12% туура келип, чөлкөмдүн калган өлкөлөрүнө 2% гана тиешелүү болгон.

Тажикстандын Россияга көбүрөөк ыктагандыгынан улам, бул өлкө АКШнын Борбордук Азиядагы саясий багыттарынын периферриясында калган. Албетте, Тажикстандын АКШ менен мамилелериндеги мындай абалына 90-жылдардагы өлкөнүн исламдашуусу жана граждандык согуш дагы таасирин

тийгизгени белгилүү. АКШнын Кыргызстанга карата саясатындагы негизги багыттары саясий, саясий – аскердик, гуманитардык жана антитеррордук мүнөздө болуп, экономикалык факторлор сезилээрлик болгон эмес

*«Постсоветтик Борбордук Азиядагы АКШнын саясатын ишке ашыруу долбоорлору жана проблемалары»* деп аталган экинчи параграфта АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн саясатын орундатуу үчүн сунушталган негизги долбоорлору жана аларды ишке ашыруудагы проблемалары каралды.

Долборлор бир нече топко бөлүнүп каралып, талдоого алынды. Мааниси боюнча биринчи топко аскердик – саясий долбоорлор кирди. Бул өңүттө, эң оболу, 1994-жылы НАТОнун алдында Европанын жана Кавказ менен Борбордук Азиянын постсоветтик мамлекеттеринен турган “Тынчтык үчүн шериктештик” (“Партнерство ради мира”) аттуу долбоору иштей баштаган. Бул долбоорго башында 24 мамлекет, анын ичинде Борбордук Азиянын 5 мамлекети тең кирген болчу. Мындан кийинки ири долбоор 2001- жылы Нью-Йорктогу террордук кол салуулардан кийин башталган “Майтарылгыс эрк” долбоору жана аны ишке ашыруу үчүн БУУнун Коопсуздук кеңешинин 2001-жылы 20-декабрдагы резолюциясына ылайык башталган Антитеррордук коалициянын ишмердүүлүгү болгон. Бул долбоордун шарттарына ылайык Антитеррордук күчтөрдүн аскердик базалары Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда ачылып, иш алып барган. Дагы бир долбоор 2005-жылы “Чоң Борбордук Азия” деген аталышта башталып, кийин (2011 ж.) “Жаңы Жибек жолу” аттуу аталышта сунушталган долбоор болчу.

Геосаясий жана саясий долбоорлордун катарында “Дүйнөлүк жаңы тартип”, “Башкарылма башаламандык” долбоорлору жана алардын Борбордук Азия чөлкөмүнө тийгизген таасирлери каралып, аларга баа берилди. Бул долбоорлордун контекстинде “Түстүү революциялар” долбоору дагы болгону белгилүү. Борбордук Азиянын башка мамлекеттерине кыйыр жана азыноолак таасир эткени менен Кыргызстанга жана Өзбекстанга бул долбоор түздөн-түз тиешеси бар экендиги айтылып, алардын жыйынтыктарына берилген баалар талданды.

АКШнын постсоветтик Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата ишке ашырган соода-экономикалык долбоорлорунун эң олуттуусу катары “Вашингтон консенсусу” долбоору эсептелинет. Бул долбоордун Борбордук Азия мамлекеттерине жайылышы жана алардын жыйынтыктары абдан көп талаш-тартыштарды жаратып, айрым мамлекеттер кийинчерээк долбоорго катышуудан баш тартууга чейин барышкан. Булардын арасынан Кыргызстан гана долбоордун көптөгөн шарттарын аткарып, анын оор кесепеттерин

башынан өткөрүүдө. Бул долбоордун контекстинде 1993-1996 жж. Кыргызстанда ишке ашырылган ”ПЕСАК” программасы дагы каралып, буга АКШнын тиешеси бар экендиги каралды жана баа берилди. Экономикалык долбоорлордун ичинен АКШнын Президенти Б. Клинтондун демилгеси менен түзүлүп, иш алып барган “Ишкерлерди колдоочу Борбор Азиялык – америкалык фонддун” иши эске алаарлык.

АКШнын гуманитардык багыттагы долбоорлору көп сандуу келип, ар кандай багыттарда жүргүзүлгөн. Гуманитардык багыттагы долбоорлор негизинен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес линиялар менен ишке ашырылып, көбүнчө билим берүү жана илим жаатында болгон. Мисалы, бул багыттардагы АКШнын ЮСАИД, АЙРЕКС, АКСЕЛС, ЮСИА уюмдарынын, Сорос, Фулбрайт, Макартурлар, Маски, Эйзенхауэр сыяктуу фонддордун долбоорлорунун иштери көңүлгө аларлык. Акыйкаттык үчүн белгилеп кете турган нерсе, “Тынчтык корпусунун” ишмердүүлүгү,Кыргызстандагы Американын Бобордук Азиядагы университети (АУЦА) сыяктуу долбоорлор бир топ пайдасын берип келет.

Албетте, АКШнын Борбордук Азия мамлекеттерине карата болгон XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башындагы саясатын жалаң гана ийгилик коштоп турган эмес. Өзгөчө акыркы мезгилдерде бир топ проблемалар чыгып, АКШ – Борбордук Азия мамилелеринде басандоо тенденциялары байкалат. Проблемалар негизинен саясий, аскердик-саясий, экономикалык мүнөздө болууда. Өзгөчө “түстүү революциялар” коркунучуна карата реакция, Борбордук Азиядан АКШнын аскердик базаларынын чыгарылышы, адам укуктарын коргоо жана демократияны жайылтуу маселелериндеги пикир келишпестиктер айрым проблемаларды жаратууда. Экономикалык багыттагы АКШнын Борбордук Азиядагы проблемалары, биринчи кезекте, нефть-газ маселелеринин тегерегинде болууда. АКШнын бул өңүттөгү Каспий долбоору, өзгөчө “Евразиялык энергетикалык транспорт коридору” концепциясы боюнча ишке ашырылуучу нефттүтүк - газтүтүк долбоорлору ишке ашпай, бул чөлкөмдөгү Россиянын үстөмдүгү сакталып калды. Ушулардын жыйынтыгында XX кылымдын 90-жылдарындагы Борбордук Азия чөлкөмүндөгү АКШнын үстөмдүгү жоюлуп, анын бул чөлкөмдөгү атаандаштары болгон Россия, Кытай мамлекеттеринин таасири өсүүдө жана бул процесске эл аралык изоляциядан кутулган АКШнын күчтүү оппоненти Иран Ислам республикасы дагы катыша баштады.

**“Кыргызстандагы АКШнын кызыкчылыктары жана аларды ишке ашыруу багыттары”** аталыштагы үчүнчү бапта АКШ - Кыргызстан алакалаштыгынын калыптанышы жана өзгөчөлүктөрү, эки тараптуу

мамилелердин этаптары, дипломатиялык маселелер, эки тараптуу жана эл аралык уюмдар аркылуу жүргүзүлгөн көп тараптуу кызматташтыктар анализденди.

*«Кыргызстанга карата болгон АКШнын саясатынын калыптанышы, өөрчүшү жана өзгөчөлүктөрү»* деп аталган биринчи параграфта АКШнын Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясатынын эволюциялык этаптары каралган.

Көз карандысыз Кыргызстан үчүн тышкы саясат өлкөнүн ички саясатынын табигый уландысы болуу менен бирге республиканын көп улуттуу, поликонфессионалдуу калкынын кызыкчылыктарын чагылдыруу, мамлекеттик суверенитетти коргоо, демократиялык багыттагы кайра өзгөртүп түзүүлөрдү ишке ашыруу үчүн жагымдуу болуп саналган тышкы шарттарды калыптандырууга багытталган.

XX к. аягындагы – XXI к. башындагы АКШнын Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясатын үч этапка бөлүп кароого болот. Биринчи этабы Кыргызстан көз карандысыздыкка жетишкен жана АКШ аны тааныган мезгилден (1991 ж.) башталып, 2000-жылга чейин уланат. Бул этаптагы АКШнын негизги саясаты Кыргызстандын көз карандысыздыгын жана территориялык бүтүндүгүн камсыз кылуу боюнча көмөк көрсөтүүгө багытталган. Эки жактуу кызматташтыктын бул этабында АКШ өзүнүн алдына бир нече маанилүү маселелерди койгон. Эң орчундуу маселе катары көз каранды эмес Кыргызстанды Россиянын таасиринен арылтуу каралган. Муну менен катар эле Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн демократиялашуусуна жана адам укуктарын коргоо чөйрөлөрүндөгү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. Кыргызстандын экономикасын денационализациялоо аркылуу рыноктук экономикага трансформациялоо багытындагы иштер башталган. АКШ – Кыргызстан мамилелериндеги олуттуу маселелердин катарына Кыргызстанды тезирээк жана татыктуу сыпат менен эл аралык уюмдарга мүчө кылып киргизүү иштери боюнча көмөкчү-аракеттерин кошууга болот. Негизинен бул мезгилдеги АКШнын Кыргызстанга карата болгон саясатынын мүнөзү жумшак жана конструктивдүү болгон.

АКШнын Кыргызстанга карата саясаты андан ары өөрчүп, 2001-жылы өзүнүн экинчи этабына өткөн. Бул мезгил эл аралык терроризм менен күрөшүү, тагыраак айтканда, Афганистанга коалициялык күчтөрдү жайгаштыруу менен байланышкан. 2001-жылдын 11-сентябрынан кийин Борбор Азия чөлкөмүндөгү демократия жана адам укуктарын коргоо иштери менен катар эле эл аралык терроризм менен күрөшүү маселеси АКШнын Кыргызстанга болгон мамилелеринде курч коюлуп, приоритеттүү багыт болуп калган. Бул этаптагы АКШнын Кыргызстанга карата болгон дагы бир

тенденциялуу мамилеси катары “түстүү революцияларды” жана алардын Кыргызстанга тийгизген таасирин айтса болот.

АКШнын Кыргызстандагы саясатынын үчүнчү этабы 2014-жылдан башталып, эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин солгундашына жана мындай абалдан чыгуунун жаңы багыттары менен мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу аракеттерин камтыйт.

АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелердин калыптануу жана андан ары өнүгүү процессинде төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр орун алып келген:

- Кыргызстан АКШнын постсоветтик Бобордук Азия чөлкөмүндө жүргүзгөн Батышчыл саясатын дароо, ачык жана толугу менен колдоп, постсоветттик өнүгүүнүн алгачкы жылдарында Американын бул чөлкөмдөгү эң жакын өнөктөштөрүнүн бирине айланган;
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен саясий системасын толугу менен диверсификациялап, либералдык-демократиялык өнүгүү жолун тандап алган чөлкөмдөгү жалгыз мамлекет катары “демократиянын аралчасы” атагына ээ болгон Кыргызстан саясий, экономикалык жана гуманитардык дивиденддерди алып келген;
- АКШнын саясатына ылайык негизделип, Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган жана көзөмөлдөнүп келген постсоветтик экономикалык трансформациялануунун “Вашингтон консенсусу” долбоорун толугу менен жана аягына чейин аткарган, ВТОго псостсоветтик өлкөлөрдүн ичинен эң биринчи болуп кирген Кыргызстанга карата АКШнын таасири абдан күчтүү болгон;
- бирок мындай абалга карабастан, АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелерде соода-экономикалык мамилелерге караганда саясий, аскердик-саясий жана гуманитардык багыттагы алакалар басымдуулук кылып келген;
- өзгөчө, 2001-жылдан кийин аскердик – саясий кызматташтык күч алып, АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелерде жаңы мезгил башталган;
- жыйынтыктоочу ыңгай катары айта турган нерсе, АКШнын Борбордук Азия мамлекеттери менен болгон байланыштарынан өзгөчөлөнүп, Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы мамилелерде мамлекеттик эмес уюмдарга караганда мамлекеттик уюмдардын салымы күчтүү болгон;

*«Кыргызстандын АКШ менен эки тараптуу жана эл аралык уюмдар аркылуу жүргүзгөн көп тараптуу кызматташтыктары»* деп аталган экинчи

параграфта АКШнын жана анын  тышкы саясатына шайкеш иш алып барып жаткан эл аралык уюмдардын Кыргызстан  менен болгон  иш чараларын изилдөөгө орун берилди.

Диссертацияда кеңири айтылгандай, АКШ Кыргызстандын көз карандысыздыгын дүйнөдөгү мамлекеттердин ичинен биринчилерден болуп, тааныган. Кыргызстан менен дипломатиялык мамилелерин 1991-жылы 27-декабрда орнотуп, АКШ өзүнүн Кыргызстандагы элчилигин 1992-жылы февраль айында  ачса, ушул эле жылдын май айында Кыргызстандын Вашингтондогу  элчилигин ачылган. Эки тараптуу мамилелерди жөнгө салуу максатында 1991-2014-жылдар аралыгында эки мамлекеттин ортосунда 20дан ашык келишимдерге кол коюлган болчу. Бул жылдардагы кызматташтыктын натыйжасында АКШ тарабынан Кыргызстанга жардам катары 700 млн, доллар көлөмүндөгү жардам көрсөтүлгөн. Булардын 590 млн. доллары мамлекет тарабынан жана 139 млн. доллары мамлекеттик эмес сектор тарабынан берилген.

АКШнын Кыргызстанга карата болгон көп тараптуу саясаты ар кандай эл аралык уюмдар жана долбоорлор аркылуу ишке ашырылып келген. Булардын ичинен эң маанилүү жана ирилери катары БУУну жана анын гуманитардык багытта иш алып барышкан ЮНЕСКО, ЮНИСЕФ, ЮНЕП, ФАО сыяктуу институттарын, Европалык кызматташтык жана коопсуздук багытында иш алып барышкан ОБСЕ,  НАТО сыяктуу уюмдарды айтса болот. Ал эми финансы-экономикалык багыттагы АКШнын Кыргызстанга болгон көп тараптуу кызматташуулары  Эл аралык валюта фонду, Бүткүл дүйнөлүк банк, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму сыяктуу уюмдар аркылуу жүргүзүлгөн.

**“Кыргызстанга карата жүргүзгөн АКШнын саясатындагы проблемалар”** деп аталган төртүнчү бапта Терроризмге каршы АКШнын Кыргызстандагы кызыкчылыктарына байланышкан аскерий өнөктөшүктөгү жана саясий,  кызматташуулардагы проблемалар жана алардын келечеги анализденди.

*«Терроризмге каршы жамааттык коопсуздук боюнча Кыргызстандагы АКШнын саясатынын эволюциясы жана проблемалары»* аталыштагы биринчи параграфта эл аралык терроризм менен күрөшүү, тагыраак айтканда, Афганистанга коалициялык күчтөрдү жайгаштырууга байланышкан эки мамлекеттин ортосундагы  алакалар илимий анализге алынды.

Кыргызстан менен биргеликте АКШнын эл аралык терроризмге каршы жүргүзгөн күрөшү бир нече этаптарда уюштурулуп, ишке ашырылып жана ар кандай натыйжаларын берген. Бул процесстин алгачкы этабы катары 1991-1999-жылдарды караса болот. Бул мезгилде эл аралык  терроризмге  каршы күрөш

көбүнчө риторикалык мүнөзгө ээ болуп, жайбаракат жана солгундук менен жүргүзүлгөн. Эл аралык терроризмге каршы күрөштөгү Кыргызстандын орду жокко тете болгон.

Белгилүү болгондой, ал учурдагы Кыргызстандын аскердик-саясий доктринасы тынчтыкты сүйүүчүлүк маанайда болуп, күчтүү армияны түзүү, аны жогорку даярдыкта кармап туруу маселелерине анчалык деле маани берилген эмес. Мисалы, 1994-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын биринчи Аскердик доктринасында (Концепция) эл аралык терроризм коркунучуна тиешелүү маани берилбей, ага каршы адекваттуу чара көрүү маселелери каралган эмес. Эгер, дүйнө өлкөлөрү орточо эсеп менен коргонуу иштерине мамлекеттик ИДПнын (ВВП) 5% жумшаса, ошол жылдардагы Кыргызстанда бул көрсөткүч 0,68 - 0,56% гана болгон.

Мындай абалды мойнуна алуу менен ошол учурдагы өлкө президенти А. Акаев “1999-2000-жылга чейин өлкөнүн стабилдүүлүгү менен коопсуздугун сактоодо ички маселелер биринчи орунда турган” деген. Бул жылдарда Кыргызстанда гана эмес АКШнын өзүндө дагы социалисттик системанын үстүнөн болгон жеңиштин эйфориясы күчтүү болуп, негизги көңүл жаңыдан жаралган көз карандысыз мамлекеттерде демократияны жайылтуу, алардын экономикасын рыноктук негизде реформалоо жана адам укуктарын коргоо сыяктуу маселелерге бурулуп келген. Мисалы, АКШнын 2000-жылдагы Кыргызстанга берген жардамынын 50% көбү өлкөдөгү демократиялык жана рыноктук реформаларды ишке ашырууга багытталган болчу.

Албетте, эл аралык терроризм коркунучунун айкын контурлары али көрүнө элек болсо дагы Кыргызстандын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча айрым иш-чаралар аткарылып, айрымдары болжолдоно баштаган. Мисалы, Кыргызстан НАТОнун “Тынчтык үчүн шериктештик” долбооруна кирип, мунун алкагында Борбордук Азия батальонунун курамында бир нече иш-чараларга катышып, 500дөн ашык Кыргызстандык аскер кызматкерлери машыгып, тажрыйба топтоп келишкен. Кыргызстандын Улуттук Гвардиясы 1996-жылдан баштап АКШнын Монтана штатындагы аскер күчтөрү менен өнөктөштүктү баштаган. Ал эми 1999-жылдан баштап, Кыргызстандын армиясы “Тоолуу шарттарда согуш жүргүзүү” долбоору боюнча АКШнын Аляскадагы аскерлери менен кызматташууга киришкен.

Эл аралык терроризмдин активдешүүсүнүн натыйжасында дүйнөдөгү, Борбордук Азиядагы жана Кыргызстандагы кырдаал 2000-жылы чукулунан курчуп, коопсуздук боюнча АКШнын бул чөлкөмдөгү саясаты дагы кескин өзгөргөн. Натыйжада, эл аралык терроризмге каршы жамаатык коопсуздук боюнча Кыргызстандагы АКШнын саясаты активдешип, эки өлкөнүн бул

багыттагы кызматташуусу тыгыз жана интенсивдүү мүнөзгө өткөн. Бул экинчи этап деп белгиленип, ал 1999 – жана 2000-жылдардагы эл аралык террористер менен болгон Кыргызстандагы биринчи, андан кийин болгон экинчи Баткен согуштарынан, 2001-жылы Нью-Йорктогу террористтик актылардан улам башталган.

Эл аралык терроризмдин активдүү жана ачык аракет кыла баштаганына жооп катары эл аралык антитеррористтик коалиция түзүлүп, анын башында АКШ болсо, активдүү катышуучуларынын бири Кыргызстан болгон. Бул тариздеги Кыргызстандын аракеттери 1999 – жана 2000-жылдары өлкөнүн түштүгүндөгү эл аралык террористтер менен болгон 2 жолку Баткен согуштарынан башталган. Баткен согуштарынан кийин аскерлердин жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында Кыргызстандын армиясы “Тынчтыктын калканы”, “Биргелешкен күчтөр” сыяктуу машыгууларга активдүү катыша баштаган. Кийинки аракет катары 2001-жылы декабрь айында Кыргызстандын өкмөтү, ОБСЕ жана наркотиктерди көзөмөлдөө жана кылмышкерликтин алдын алуу Башкармалыгы биргелешип Бишкекте өткөргөн “Борбордук Азиядагы стабилдүүлүктү жана коопсуздукту күчөтүү” аттуу эл аралык конференцияны айтсак болот. Бул конференцияга ОБСЕнин 55 мүчө мамлекеттеринен, 20дан ашык эл аралык уюмдардан 300гө жакын делегаттар, ОБСЕнин төрагасы М. Джоанэ жана ОБСЕнин Генералдык катчысы Я. Кубиштер катышып, Бүткүл дүйнөлүк антитеррористтик коалицияны түзүү жөнүндө сунуш киргизилген.

Албетте, Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы аскердик кызматташтык 2001-2009-жылдары АКШнын антитеррористтик коалициясынын Кыргызстандагы авиабазасы, 2009-2014-жылдары АКШнын аба-аскер күчтөрүнүн транзиттик жүк ташуу Борбору катары кызмат аткарган «Манас» авиабазасы менен тыгыз байланыштуу болгон. Жалпы жонунан авиабазада 1500 адамга чейин кызматкерлер эмгектенген. Алардын 1000ге чукулун АКШнын аскерий кызматкерлери, 200гө жакын адамды Испания, Франция өңдүү ар кыл өлкөлөрдөн келген контингент, 300дөй адамды жарандык персонал болуп саналган америкалыктар түзгөн. Мындан сырткары, Кыргызстандын болжол менен 2000 жараны базага айдоочу, тазалоочу, ар кыл жумуштарды аткарган жумушчу катары жалданышкан. “Манаста” иштеген кыргыз жарандары айына 500 АКШ доллары өлчөмүндөгү айлык акы алышкан. Бул болсо республикадагы орточо айлык акыдан 2,5 эсе көптүк кылган.

Эсептөөлөр көрсөткөндөй, авиабазада жүргүзүлгөн операциялар Кыргызстанга (өкмөт менен кыргыз бизнесине) жыл сайын 100 миллиондон ашык АКШ доллары түрүндөгү кирешелерди алып келген. Айтсак, 2010-жылы жаңы келишимге ылайык АКШ мамлекетинин Администрациясы

Кыргызстандын өкмөтүнө 60 млн. АКШ долларын төлөп берсе, эл аралык «Манас» аэропорту төлөнгөн акы, жердин арендасы катары 22 миллион АКШ доллары түрүндөгү каражатты тапкан. Бирок, бул жерде 2009-жылы 2008-жылга салыштырмалуу тике чыгымдардын суммасы 29 млн. АКШ долларына чейин өссө, 2010-жылы 2009-жылга салыштырмалуу тике чыгымдардын суммасы 18 млн. АКШ долларына чейин өскөнүн байкоого болот.

Сөз болуп жаткан этапта Кыргызстандагы АКШнын саясаты 2 багытта ишке ашырылып, бул 2 багытта тең Кыргызстан маанилүү ролду ойногон.

Биринчиден, Кыргызстан АКШнын эл аралык терроризмге каршы жүргүзгөн саясатында маанилүү ролго ээ болгон.

Экинчиден, АКШнын Борбордук Азия чөлкөмүндөгү таасирин басаңдатуу менен бара-бара аны бул жерден сүрүп чыгарууга багытталган Россия менен Кытайдын аракеттеринен улам жаралган курч мүнөздөгү дипломатиялык кармашта Кыргызстандын позициясы чечүүчү фактор катары каралган.

Белгилүү болгондой, бул этап Афганистандагы антитеррористик күрөштүн активдүү фазаларынын басаңдашын жана Россия менен Кытайдын ар тараптуу аракеттеринин натыйжасында АКШнын “Манас” аэропортундагы аскердик базасынын 2014-жылы жоюлушу, ошонун натыйжасында америкалыктардын Кыргызстандагы таасиринин төмөндөшү менен аяктайт.

Натыйжада эл аралык терроризмге каршы багытталган Кыргызстандагы АКШнын саясатынын жаны, үчүнчү этабы башталары күтүлүп, анын кандай деңгээлде жана мүнөздө болору азырынча белгисиз.

*«Кыргызстан менен АКШнын мамилелериндеги саясий өнүттөгү проблемалар»* деп аталган экинчи параграфта Кыргызстан жана АКШ мамлекеттеринин өз ара алакаларындагы айрым проблемалуу маселелер, алардын себептерин иликтөөгө басым жасалды.

Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын алган ордунун акыркы жылдарда начарлай башташынын дагы бир себеби – бул эки өлкөнүн ортосундагы саясий маселелердеги келишпестиктерден улам пайда болгон. Эки мамлекеттин саясий чөйрөдөгү кызматашуулары болжол менен 2000-жылга чейин позитивдүү жана конструктивдүү маанайда болгону белгилүү. Көз каранды эмес Кыргызстанды биринчилерден болуп таанып, жаңы мамлекеттин калыптанып, андан ары өнүгүп кетишинде АКШнын саясий колдоосу чоң мааниге ээ болгону талашсыз. Өзгөчө, Кыргыз Республикасы демократиялык багыт менен өнүгүп, рыноктук экономиканы түптөп, адам укуктарын сактоону өздөштүрүүдө АКШнын саясий колдоосу өзгөчө мааниге ээ болгон.

Бирок XXI кылымдагы эл аралык саясий абалдын өзгөрүп жана оорлоп кетишинен улам АКШнын Кыргызстанга карата болгон саясий мамилеси орчундуу өзгөрүүлөргө туш болду, ал эки өлкөнүн ортосундагы саясий мамлелердин солгундашына алып келди.

АКШ көздөгөн саясий кызыкчылыктар менен стратегияларга ылайык америкалыктардын 10 жылдан бери постсоветтик Кыргызстанда жүргүзгөн иш аракеттери XXI кылымдын башында өзүнүн натыйжаларын бериши керек болчу. Эң оболу Борбордук Азиядагы Батыштык (америкалык) демократиянын баалуулуктарын жайылтуучу АКШнын плацдармы катары Кыргызстан демократиянын принциптерин андан ары өркүндөтүш керек эле. Иш жүзүндө А. Акаевдин режими, тескерисинче, авторитаризмге ооп, коррупцияга маалына баштаган. Мындай тенденцияны өзгөчө 2000-жылы Кыргызстанда өткөн парламенттик шайлоолор көрсөткөн. Натыйжада, АКШ Кыргызстандын расмий саясий бийлиги менен оппозициянын ортосундагы дилеммада калып, ошол учурдагы Американын элчиси С. Янг мойнуна алгандай “жеңүүчү менен иш алып барууну” көздөп, оппозиция менен тез-тез жолугушууларды өткөрө баштаган. Кийин, 2005-жылы март айында болгон Кыргызстандагы революцияны С. Янг жактырып жана тымызын болсо дагы колдоп турган. Айтор, 2005-жана 2010-жылдардагы революциялык кырдаалдар менен революциялардын жүрүшүндө АКШ Кыргызстандын расмий бийлигине эч кандай колдоо көрсөтпөстөн кайдыгер мамиле кылып, оппозицияга жан тартып койгон. АКШ менен Кыргызстандын расмий бийликтеринин ортосундагы саясий мамилелердин салкындашы андан ары уланып, 1993-жылы май айында кол коюлган эки өлкө ортосундагы Алкактык келишим Кыргызстан тарабынан бир жактуу денонсацияланды жана ар кандай булактар билдиргендей, Кыргызстандын президенти АКШнын чакырууларына карабастан, бул өкмөттүн жетекчилери менен жолукпай койду.

Эки өлкөнүн расмий бийликтеринин ортосундагы келишпестиктер башка чөйрөлөрдө дагы саясий маанидеги проблемаларды жаратып келди.

Булардын ичинен олуттуулары катары төмөнкүлөрдү белгилесек болот. Биринчиден, 2003-жылы ноябрь айында АКШнын Мамдепартаментинин гранты, “Фридом Хауздун” спонсорлугу менен 2 млн. долларга Бишкек шаарында ачылган “Массалык маалымат каражаттарын коргоо Борборунун” ишмердүүлүгү боюнча айрым маселелер пайда боло баштады. Бул уюм чындыгында оппозициялык маанайдагы уюмдарды коргоп, алардын маалыматтарын эркин таратып туруу үчүн ачылган жана көп учурларда булардын позициялары Кыргызстандын расмий бийликтерине жага берген эмес.

Борбордун кызматынан Казакстан жана Тажикстан сыяктуу өлкөлөрдүн өкүлдөрү дагы пайдаланышкан учурлар болгон.

Кыргызстандагы АКШнын саясий абалына таасирин тийгизип, акыркы учурларда эки өлкө ортосундагы айрым түшүнбөстүктөрдү жаратып жүргөн дагы бир маселе – АКШнын Мамлекеттик эмес уюмдарынын (НПО) Кыргызстандагы ишмердүүлүгүнө байланышкан. Белгилүү болгондой, Кыргызстанда мындай уюмдардын саны 20-24 миңге жетип, алар өлкөнүн ар кандай чөйрөлөрүндө иш алып барышкан. Айрым маалыматтар боюнча, булардын 10% саясий жана укук коргоо жаатында иш жүргүзүшкөн. Кыргызстанда 2005 – жана 2010-жылдардагы революцияларда, кийинки учурлардагы саясий окуяларда булар активдүүлүгүн көрсөтүү менен өлкөнүн расмий бийлиги үчүн көп машакаттарды жаратып турганы белгилүү. Мындай нерселер Кыргызстандын расмий өкүлдөрүнө жакчу эмес. Ошондуктан Кыргызстандын V жана VI чакырылыштагы парламентинин депутаттары тарабынан “Коммерциялык эмес уюмдар тууралуу” Мыйзамды кабыл алып, НПОлордун мүчөлөрүнө “чет өлкөлөрдүн агенттери” статусун берүү маселелери көтөрүлүп чыгышты. Албетте, мындай мамиле АКШ тарабынан нааразылыктарды жараткан.

Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы саясий абалды курчутуп келген дагы бир маселе – Кыргызстандагы адам укугун коргоо көйгөйлөрүнө байланышкан. Мунун эң акыркы мезгилдердеги жана эң резонанстуу мисалы катары Кыргызстандын жараны А. Аскаровдун үстүнөн болгон сот иштерине америкалыктардын кийлигишүүсүн жана АКШнын Мамдепартаментинин “Адам укуктары боюнча” сыйлыгынын бул адамга ыйгарылышын айтууга болот. Мындай нерселер эки өлкөнүн ортосундагы саясий мамилелердин солгундашына гана өбөлгө болмокчу. Алсак, бул окуяга байланыштуу Кыргызстан демарш кылып, 1993-жылы АКШ менен түзүлгөн келишимди бир тараптуу денонсациялап салган.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагыдай учурлар, АКШнын “Демократияны коргоочу улуттук Борбору”, “Эл аралык республикалык институту”, “Фридом Хауз”, “Сорос Фонду” сыяктуу уюмдарынын аша чапма жана алабарман аракеттери АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы саясий маселелерди курчутуп, Кыргызстандын Америкага карата болгон мамилесин солгундатып жиберди. Кыргызстанга карата болгон АКШнын мамилелеринин солгундашындагы саясий маселелерди изилдөөнүн жүрүшүндө бул жагдайга Кыргызстандын расмий өлкүлдөрүнүн демократия принциптерин сактоо жана адам укуктарын сыйлоо жаатындагы айрым калпыстыктары дагы себеп болгондугу тастыкталды.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары боюнча жасалган

**КОРУТУНДУ**:

- XX к. аягы - XXI башындагы АКШнын постсоветтик Борбордук Азияга карата жүргүзгөн саясаты тарыхий геостратегиялык долбоорлорго таянуу менен ишке ашырылып, дүйнөлүк үстөмдүктү көздөгөн Американын атлантизм идеяларын реализациялоого багытталган;
- XX к. аягы - XXI к.башындагы чукул өзгөргөн дүйнөлүк геосаясий кырдаалдан улам жаралган бир уюлдук эл аралык мамилелер системасы АКШга кеңири мүмкүнчүлүк берип, анын гегемондугу менен дүйнөлүк “жаңы тартипти” орнотууну шарттады, мунун бир өңүтү катары Американын Борбордук Азияга карата жаңы кызыкчылыктары менен стратегиялары жаралган;
- АКШ өзүнүн стратегиялык кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн Борбордук Азияда үч этаптан турган жана бир нече багыттарды көздөгөн саясатты жүргүзгөн;
- постсоветтик Борбордук Азиядагы саясатын ойдогудай ишке ашыруу максатында АКШ бул чөлкөмдө өзүнүн саясий, аскердик-саясий экономикалык жана гуманитардык багыттардагы долбоорлорун пайдаланган;
- АКШнын Борбордук Азияга карата саясаты дайыма эле ийгиликтүү болгон эмес. Өзгөчө акыркы жылдары көптөгөн проблемалар орун алып, анын натыйжасында XX кылымдын аягында Борбордук Азиядагы анын үстөмдүгү жоголуп, чөлкөмдөгү атаандаштары болгон Россия менен Кытайдын таасири өсүп, Иран мамлекети активдеше баштаган;
- АКШнын Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн саясатындагы жалпылыктар Кыргызстанга дагы мүнөздүү болгон. Бирок АКШ - Кыргызстан алакалаштыгынын калыптанышында жана өнүгүүсүндө айрым өзгөчөлүктөр болгон. Өзгөчөлүктөр Кыргызстандын саясий системасына, экономикалык абалына жана эл аралык мамилелердеги анын ээлеген позициясына жараша болгон;
- АКШнын Кыргызсанга карата жүргүзгөн саясаты эки өлкө ортосундагы эки тараптуу жана башка мамлекеттер менен эл аралык уюмдар катышкан көп тараптуу жолдор менен ишке ашырылып келген;
- АКШнын эл аралык терроризмге каршы жамаатык коопсуздук боюнча Кыргызстан менен болгон кызматташуусу бир нече этаптарды басып өтүү аркылуу эволюцияланып, Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө караганда айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон;

- акыркы мезгилдерде АКШнын Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясатында айрым проблемалар менен түшүнбөстүктөр жаралып, алар эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердеги жаны багыттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү издегенге түртүүдө.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- Кыргызстандагы АКШнын геосаясий кызыкчылыктары жана аларды ишке ашыруу үчүн америкалыктардын жүргүзгөн, жана жүргүзө турган саясаты тууралуу изилдөөнү мындан ары улантуу абзел. Өзгөчө, Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы эл аралык коопсуздук багытындагы кызматташууларды терең изилдеп, илимий негиздеги жана практикалык маанидеги жыйынтыктарды чыгаруу керек;
- “Дүйнөлүк жаңы тартип” концепциясын ишке ашыруу ыкмасы болгон “Түстүү революция”, “Башкарылма башаламандык”, “Гибриддик согуш” сыяктуу АКШнын Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштагы аракеттеринен улам пайда болгон алааматтар Кыргызстанда дагы кайталанбаш үчүн, алардын алдын алуу бул маселелердин тегерегинде ар тараптуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, адекваттуу тыянак жана жоопторду даярдоо зарыл;
- эл аралык терроризмге каршы жамааттык күрөштү жүргүзгөн бардык тараптарга жана күчтөргө кошулуп, Борбордук Азия өлкөлөрү бир багытта жана бирдиктүү максатта иш алып барышы азыркы эл аралык кырдаалдын кечиктирилгис жана айныгыс талабы;
- Кыргызстандын расмий өкүлдөрү мүмкүн болушунча көп векторлуу тышкы саясатты жүргүзүп, чөлкөмдүк (Түркия, Иран, Пакистан, Афганистан, КМШ өлкөлөрү), дүйнөлүк (АКШ, Россия, Кытай) мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен тең салмактуу кызматташтык саясатына багыт алып, өлкөнүн биримдигин, коопсуздугун жана өркүндөп өнүгүүсүн камсыз кылганга аракеттениши керек;
- Кыргызстандын бийлиги АКШ менен болгон мамилелерде 2015-жылдан баштап жаралган солгундуктан жана түшүнбөстүктөрдөн арылып, эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтыкты жаңы форматта, багытта жана таризде жүргүзүү үчүн Борбордук Азия мамлекеттери менен Кыргызстандагы Американын кызыкчылыктарын адекваттуу аныктап, баалоого ошого жараша акценттерди койгонго аракеттениши зарыл;
- Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын азыркы учурдагы ордун жана келечектеги абалын илимий негизде аныктап, ушул багытта ар кандай форматтагы (эл аралык, республикалык) илимий форумдарды өткөрүү, окумуштуулар менен

эксперттердин жана расмий өкүлдөрдүн катышуусу менен маселени талкуулап, илимий сунуштарды жана эмгектерди арбын жарыялап туруу абзел.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылды:**

1. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекети менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы соода-экономикалык байланыштар, инвестициялар жана банк кызматташтыгы [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Наука и новые технологии. – № 7. Бишкек, 2013. –146-149- б.
2. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекети менен экономикалык кызматташтыгындагы айрым проблемалуу маселелер [Текст] / А.Б. Бейшеналиев // Наука и новые технологии. – № 7. – Бишкек, 2013. – 153-155- б.
3. Beishenaliev, A. The past, present and future of the United States-Kyrgyzstan relations [Текст] // Rethink Institute. – Washington DC, 2014. –P. 88.
4. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекети менен Кыргызстан республикасынын ортосундагы аскерий кызматташтык [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Известия вузов. – №11. – Бишкек, 2014. – 135-138- б.
5. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин тышкы саясаты менен улуттук кызыкчылыктарын калыптандырган негизги геосаясий жоболор [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – №1. – Бишкек, 2014. – 98-102- б.
6. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин тышкы саясатынын калыптанышындагы атлантизм геосаясий жобосунун ролу жана орду [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – №1. – Бишкек, 2014. – 103-107- б.
7. Бейшеналиев, А. Б. Кыргыз Республикасы менен АКШ мамлекетинин ортосундагы кызматташтыктарды изилдөөнүн негизги булактары [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // БГУ жарчысы. –№4. – Бишкек, 2014. – 310-316- б.
8. Бейшеналиев, А. Б. Кыргыз Республикасы менен АКШ мамлекетинин ортосундагы билим берүү жаатындагы кызматташтык: приоритеттер, негизги факторлор жана натыйжалар [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // БГУ жарчысы. –№4. – Бишкек, 2014. –316-321- б.
9. Бейшеналиев, А. Б. Постсоветтик Борбор Азия чөлкөмү үчүн Орусия федерациясы менен АКШ мамлекетинин ортосундагы геосаясий атаандаштыктын негиздери [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // ALATOO ACADEMIC STUDIES. – №2. – Бишкек, 2014. – 61-70- б.

10. Бейшеналиев, А. Б. АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы саясий кызматташтыктын алгачкы он төрт жылы [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2014. – 156-162- б.

11. Бейшеналиев, А. Б. АКШ менен Кыргыз Республикасынын тышкы саясатындагы негизги приоритеттер жана өзгөчөлүктөр [Текст] / А.Б. Бейшеналиев // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2014. – 163-165- б.

12. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин дүйнөгө үстөмдүк кылуу ниети менен байланышкан айрым көйгөйлүү маселелери [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Известия вузов. – №1. – Бишкек, 2015. – 161-165- б.

13. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекети менен Кыргыз Республикасынын саясий кызматташтыгындагы айрым көйгөйлүү маселелер [Текст] / А.Б. Бейшеналиев // Известия вузов. – №1. – Бишкек, 2015. – 169-174- б.

14. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамалекети менен Кыргыз Республикасынын аскерий кызматташтыгындагы айрым көйгөйлүү маселелер [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Наука и новые технологии. – №2. – Бишкек, 2015.– 222-226- б.

15. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекети менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы кызматташтыктын билим берүү чөйрөсүндө жаралган айрым ийгиликтер [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Наука и новые технологии. – №2. – Бишкек, 2015. – 231-236- б.

16. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекети менен Кыргыз Республикасынын маданий кызматташтыгындагы айрым көйөгөйлүү маселелер [Текст] / А.Б. Бейшеналиев // Известия вузов. – №2. – Бишкек, 2015. – 180-185- б.

17. Бейшеналиев, А. Б. АКШ менен КРнын ортосундагы экономикалык өнөктөштүктүн негиздери [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Известия вузов. – №2. – Бишкек, 2015. – 186-191- б.

18. Бейшеналиев, А. Б. АКШ менен Кыргызстандын ортосундагы саясий кызматташтыктын соңку он жылдыгы [Текст] / А.Б. Бейшеналиев // Х.Карасаев атындагы БГУ жарчысы. – №2 (32). – Бишкек, 2015. – 153-156- б.

19. Бейшеналиев, А. Б. Түстүү революциялардын АКШ мамлекетинин тышкы саясатындагы орду жана ролу [Текст] / А. Б. Бейшеналиев //Alatoo Academik Studies. – № 3. – Бишкек, 2015. – 63-67- б.

20. Бейшеналиев, А. Б. АКШнын постсоветтик БА чөлкөмүнө карата өз улут кызыкчылыктарын коргоо максатында алып барган негизги стратегиялары

[Текст] / А. Б. Бейшеналиев //Alatoo Academik Studies. – № 4. – Бишкек, 2015. – 64-73- б.

21. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин геостратегиясын калыптандырган негизги улуттук баалуулуктар [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // К.И. Скрябин атындагы КУАУнин жарчысы. – № 2(34). – Бишкек, 2015. – 3-9- б.

22. Бейшеналиев, А. Б. АКШнын постсоветтик БА чөлкөмүнө карата өз улут кызыкчылыктарын коргоо максатында алып барган негизги стратегиялары [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Alatoo Academik Studies. – № 4. – Бишкек, 2015. – 64-73- б.

23. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин тышкы саясатындагы экспансианисттик тенденциялар [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Alatoo Academic Studies. – № 4. – Бишкек, 2015. – 10-13- б.

24. Бейшеналиев, А. Б. Ааламдашуу шарттарындагы АКШ мамлекетинин геостратегиялык өзгөчөлүктөрү [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Известия вузов. – №. 4. – Бишкек, 2015.– 95-100- б.

25. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин тышкы саясаты менен улуттук кызыкчылыктарын калыптандырган негизги геосаясий жоболор [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // И. Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – № 1. – Бишкек, 2014. – 98-103- б.

26. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин тышкы саясатындагы негизги приоритеттерди калыптандырган улуттук коопсуздук статегиялары [Текст] / А .Б. Бейшеналиев // Наука и новые технологии. – № 4. – Бишкек, 2015. – 176-180- б.

27. Бейшеналиев, А. Б. АКШ мамлекетинин Евразияга карата геосаясий стратегиясын калыптандырган негизги теориялык жоболор [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // И. Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – № 1. – Бишкек, 2014. – 189-193- б.

28. Бейшеналиев, А. Б. Национальные интересы и их место в госстратегии США [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Вестник ЕНУ имени Л.Н.Гумилева. – № 5 (108). – Астана, 2015. – 284-287- б.

29. Бейшеналиев, А. Б. Докторины, формирующие основные приоритеты внешной политике США [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Вестник ЕНУ имени Л.Н.Гумилева. – № 5(108). – Астана, 2015. – 270-275- б.

30. Beishenaliev, A., Sodikov, N. Educational Changes after collapse in Central Asia [Текст] // Oxford University. – November 2015. – P.15-28.

31. Beishenaliev, A. Reforms on Education in Five post-soviet Countries. [Электрондук ресурс] // http://www.hiceducation.org/EDU2016.pdf International Education Conference Honolulu, Hawaii, USA. January – 2016.

32. Бейшеналиев, А. Б. АКШ менен постсоветтик Борбордук Азия жана Кыргызстандын мамилелери [Текст] / А. Б. Бейшеналиев // Монография. – Бишкек, 2016. – 208- б.

33.

34. Бейшеналиев А. Б. Направления американской политики в Центрально-Азиатском регионе [Текст] // Мировая политика. — 2018. - № 3. - С.88-98.

35. Бейшеналиев А. Б. Место и роль Центральной Азии в современной геополитике [Текст] //Политика и Общество. — 2018. - № 8. - С.56-64.

36. Бейшеналиев А. Б. Этапы американской политики в Центрально-Азиатском регионе (1991-2015) [Текст] // Genesis: исторические исследования. — 2018. - № 9. - С.30-37.

36. Бейшеналиев А. Б. Эволюция геополитических интересов США в Центральной Азии: реализуемые и текущие проекты [Текст] // «Теории и проблемы политических исследований», том7, № 4А, 2018. - С.57-67.

37. Бейшеналиев А. Б. Стратегия США в постсоветской Центральной Азии [Текст] // «Этносоциум и межнациональная культура», №8, (122) 2018. - С.107-122.

38. Бейшеналиев А. Б. "Сотрудничество Кыргызстана с США: двустороннее и многостороннее" [Текст] // «Этносоциум и межнациональная культура», №7 (121), 2018. - С.140-153.

39. Бейшеналиев А. Б. Проблемы политического характера в отношениях Кыргызстана и США [Текст] // "АНИ: экономика и управление", № 3 (24), 2018 http://napravo.ru/zhurnal-ani-ekonomika-i-upravlenie-journal-asr-economics-and-management/

Бейшеналиев Алмазбек Бейшеналиевичтин «**Борбордук Азия мамлекеттеринин жана Кыргызстандын тышкы саясатындагы АКШнын орду**» аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** геосаясий стратегия, “Хартленд”, Борбордук Азия, Кыргызстан, АКШ, “Чон Борбордук Азия”, Вестфаль системасы, “Дүйнөлүк жаңы тартип”, Башкарылма башаламандык, ШКУ, коллективдүү коопсуздук, “Манас”, терроризм, гегемондук, бир уюлдуу дүйнө.

**Изилдөөнүн объектиси:** Борбордук Азия өлкөлөрүнүн XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы тышкы саясаты.

**Изилдөөнүн предмети:** Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тышкы саясатындагы АКШнын орду.

**Изилдөөнүн максаты:** Иштин негизги максаты Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата жүргүзүп келе жаткан АКШнын геосаясий стратегиясына баа берүү, аны ишке ашыруу багыттарындагы тенденцияларды аныктоо.

**Иштин методологиялык негизин** логикалык метод, тарыхый салыштыруу методу, типологиялык метод (мамлекеттин позициясын гегемон же глобалдык лидер катары классификациялоо), феноменологиялык метод (конкреттүү тажрыйбаны илимий иликтөө жана аны бурмалоосуз сүрөттөө) методдору түздү.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:** Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп постсоветтик Борбордук Азия менен Кыргызстанга карата жүргүзгөн АКШнын тышкы саясаты илимий негизде комплекстүү жана бир контексте изилденди; Бул маселе боюнча америкалык айрым расмий, архивдик, статистикалык жана башка маалыматтар кыргыз тилине которулуп, илимий пайдаланууга алынды.

**Иштин практикалык мааниси.** Диссертациянын негизги контенти менен корутундулары Борбор Азия өлкөлөрүнүн тышкы саясатындагы АКШнын ордуна баа берип, келечегин болжолдой турган илимий иш катары колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөөнүн корутундулары менен материалдарын жогорку окуу жайларда Борбордук Азия, Кыргызстандын жана АКШнын тышкы саясаты боюнча дарстарды окууда пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

диссертации Бейшеналиева Алмазбека Бейшеналиевича на тему: «**Место США во внешней политике стран Центральной Азии и Кыргызстана**» на соискание ученой степени доктора исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история и 07.00.03 – Всеобщая история

**Ключевые слова**: геополитическая стратегия, “Хартленд”, Центральная Азия, Кыргызстан, США, “Большая Центральная Азия”, Вестфальская система, “Новый мировой порядок”, управляемый беспорядок, ШОС, коллективная безопасность, “Манас”, терроризм, гегемония, однополярный мир.

**Объекта исследования:** внешняя политика стран Центральной Азии в конце XX века и в начале XX1 века.

**Предмет исследования**: является место США во внешней политике стран Центральной Азии.

**Цель иссследования**: Основной целью работы является определение геополитической стратегии США по отношению к странам Центральной Азии и Кыргызстана и выяснение основных тенденций их осуществления.

**Методологическую основу** составили логический, исторически-сравнительный, типологический (классификация позиции государства как гегемон или глобальный лидер), феноменологический (научное исследование конкретного опыта и представление без искажения) методы.

**Научная новизна диссертации**: Впервые в исторической науке Кыргызстана комплексно и в одном контексте исследована внешняя политика США по отношению постсоветских стран Центральной Азии и Кыргызстана; по данному вопросу были переведены на кыргызский язык некоторые официальные, архивные, статистические и другие информации, приняты в научное использование.

**Практическое значение работы.** Основные контенты и выводы диссертации могут быть использованы как научная работа, дающая оценку места США во внешней политике стран Центральной Азии и прогнозируемая ее будущее. Выводы и материалы диссертационного исследования могут быть использованы в лекциях высших учебных заведений по политике Центральной Азии, Кыргызстана и США.

## SUMMARY

of Beishenaliev Almazbek Beyshenalievich’s dissertation on the theme: **"The United States place at the foreign policy in Central Asia and Kyrgyzstan"** for the degree of doctor of historical sciences, specialty 07.00.02 - Native history and 07.00.03 – General history

**Keywords:** geopolitical strategy, "Heartland", Central Asia, Kyrgyzstan, the United States, "Greater Central Asia", the Westphalia system, "New World Order" controlled disorder, SCO, collective security, "Manas", terrorism**,** hegemony, the unipolar world.

**The Object of research:** The foreign policy of the countries of Central Asia in the late XX - early XXI century.

**The purpose research**: determination of the US geopolitical strategy towards Central Asia and Kyrgyzstan and the elucidation of the main trends of their implementation.

**The Subject of research:** a place of US at foreign policy in Central Asia.

**The main methodological based on** the logical, historical-comparative, typological (classification of the State's position as a global leader or hegemony), phenomenological (the scientific study of specific expertise and presentation without distortion) techniques.

**The scientific novelty of the thesis:** For the first time in historical science of Kyrgyzstan comprehensively and in the same context studied US foreign policy toward the post-Soviet countries of Central Asia; on this subject some official, archival, statistical and other information have been translated into the Kyrgyz language, passed in scientific use.

**The practical significance:** The main contents and conclusions of the thesis can be used as a scientific work, giving the assessment of the US place in the foreign policy of Central Asia and forecast its future. The findings of the research and materials can be used in the lectures of the higher educational institutions in Central Asia policy, Kyrgyzstan and the United States.